

9 Т.Молдалиев: “Кыргыздын уулу болгонго аракет кылам”



11 Миллионду олжологон команда




# САРЕСЕП

saresep.kg

1-сентябрь, 2016-жыл
№34 (67)
Калыс көз караш!


# Өгөйлөшүп бара жаткан өз өлкө



10-бетте



Биздин байлыкты көрүп, жапондор баш чайкашты

5-бетте



Мектептерде туура реформа жасалып жатабы?

6-бетте



Конституция болбосо да турмуш өтө берет

14-бетте


Акция
Көп заказ кыл да ДУБАЙГА 2 кишиге бир аптага жолдомо утуп ал



35 БАШТАЛЫШЫ СОМ
PEGAS 1828TAXI
0700 94 1828, 0772 94 1828
0552 94 1828
0555 94 1828
Толук маалымат үчүн www.Pegas.kg
Акция 18-майдан 13-ноябрга чейин уланат
Унаасы бар, шаарды жакшы билген айдоочулар жумушка алынат!

# Кыргызстандын эгемендигине 25 жыл

Буга байланыштуу 31-августта борбор калаадагы "Ала-Тоо" аянтында аскер парады өттү. Анда 1,5 миңден ашуун аскерлер, аскердик техникалар жана авиация көрсөтүлдү. Ушундай эле аскер парады түштүк борбору Ош шаарында да болуп өттү. Күндүзү өлкөнүн бардык аймактарында майрамдык оюн-зооктор болуп, "Аккула" ат майданында улуттук ат оюндары уюштурулду. Кечинде эстрада ырчыларынын концерти менен фейерверктер салтанатты жыйынтыктады.

Кыргызстан эгемендикке 1991-жылы жетишкен. Алгачкы президент Аскар Акаев бийликте он беш жыл туруп, үй-бүлөлүк башкаруу режимин орноткону үчүн кызматынан куулган. 2005-жылы анын ордуна келген президент Курманбек Бакиев да ушул эле себеп менен 2010-жылы Кыргызстандан куулган.

2010-жылы апрель окуясынан кийин Убактылуу өкмөттү жетектеп турган Роза Отунбаева ошол эле жылы 27-июнда жалпы элдик референдумда мамлекет башчылыгына шайланып, бир жылдан кийин бийликти азыркы президент Алмазбек Атамбаевге өткөрүп берген.

Эгемендүүлүгүн 25 жылдыгын аралыгында Кыргызстан бир катар эл аралык уюмдарга мүчө болуп, келишимдерди түзүп жакынкы жана алыскы коңшу өлкөлөр менен карым-катышын чыңдаган.



# Текебаев Атамбаевди сындады



Ата-Мекен социалистик партиясынын топ жаруучусу Өмүрбек Текебаев Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 25 жылдык салтанатында өлкө президенти Алмазбек Атамбаевдин сүйлөгөн сөзүн сынга алды. Партия лидеринин айтымында президент өлкөнүн басып өткөн жолуна, өлкөнүн келечекке алган кадамдары, алдыдагы максаттары тууралуу айтышы керек эле дейт:

– Атамбаев бул күнү элдин башын бириктирген, ынтымакка чакырган сөздөрдү айтышы керек болчу. Мына ошондо чыныгы президенттин, лидердин деңгээли болмок. Бирок Атамбаевдин бүгүнкү сөзү Кыргызстанды уят кылды. Эгер өлкө жетекчисинин деңгээли ушул болсо, мындай мамлекеттин келечеги кыйын болот.

Президент элди куттуктоо учурунда Роза Отунбаева баш болгон Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрүн да сынга алган. Өз дарегине айтылган сындан мурунку президент аянтты таштап кетүүгө мажбур болгон.

# Венеция комиссиясы: Башмыйзамды өзгөртүү Кыргызстанда бийликтин тең салмагын жоготот

Баш мыйзамга киргизилчү өзгөртүүлөр аткаруу бийлигин күчөтүп, парламент менен сот системасынын таасирин азайтары Венеция комиссиясы чыгарган корутундуда белгиленет. Конституциялык палата сакталганы менен, Башмыйзамга киргизилчү ондоп-түзөөлөрдөн кийин анын конституциялык көзөмөл органы катары мааниси азаяры да Венеция комиссиясынын корутундусунда белгиленген. Венеция комиссиясы Кыргызстанда Конституцияга сунушталып жаткан өзгөртүүлөр укук үстөмдүгү, бийликти бөлүү, соттордун көз карандысыздыгы сыяктуу негизги демократиялык баалуулуктарга шек келтирерин белгилеген.



Венеция комиссиясына "Ата Мекен" фракциясынын мүчөсү, Жогорку Кеңештин Конституциялык мыйзамдуулук комитетинин төрагасы Алманбет Шыкмаматов 18-августта кайрылып, Кыргызстандын Баш мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу мыйзам долбоорлорунун конституциялуулугу боюнча эксперттик корутунду берүүнү өтүнгөн болчу.

# Стивен Сигал менен "Айтыш Фильм" сынак жарыялайт

Америкалык атактуу киноактёр, кинопродюсер, сценарист, кинорежиссёр, музыкант жана айкидо чебери Стивен Сигал Борбордук Азияда кино тартуу варианттары каралган жаңы долбоорду жарыялады.

Бул үчүн 18-28 жаштардагы кыз-келин мифтик рол үчүн, 28-38 жаштардагы жигит карамүртөздүн ролу үчүн жана кино тартуу тобу үчүн ассистенттер талап кылынат.

Аларга башкы талап – англис тилин билүүсү керек.

Стивен Сигалдын катышуусунда кастинг алдын- ала жарыланган кастинг аяктаган соң болот. Алдын -ала кастинг 4-сентябрда саат 14-00дөн 19-00гө чейин "Айтыш Фильм" киностудиясында жүрөт. Дареги Жибек Жолу көчөсү – 625



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## «Бийлигимден сакта!» деген күндүн бетин нары кылсын

Бул жума окуяларга жык толду. Бирок салттуу куттуктоо менен аяктаганы абзел болгон Ажонун эгемендик майрамында сүйлөгөн сөзү негизги күндөм болуп чыга келди.

Эгемендүүлүккө үч жыл толуп-толбой, биринчи жолу өзгөртүлүп, андан бери кайра-кайра каралып, быйыл да тытмаланганы турган Баш мыйзам биздин саясий элитанын 25 жылда эч бир сабак албаганын ашкерелеп турат. Аткаминерлер Кыргызстанды Конституцияны өзгөртүү менен гана өнүктүрсө болот деп бекем ишенип алышкан окшойт. Баш мыйзамдын формалдык эмес символикалык мааниси негизги нерсе. Ошол ниет жана берилген убада боюнча ага тийбеш керек дегендин баары акаевчил, бакиевчил жана грант жегич болуп чыкты. Конституциянын адам укугу менен ар бир жарандын дүйнөлүк сотко кайрылуу укугун кепилдегени учурдагы бийликти коркуткан беренелер. Бийлигибиз бир адамга тиешелүү окуяны шылтоолоп, бизди сапатсыздыгы ашкере болгон кыргыз сотунун барымтасына салып берип атат. Баш мыйзамдан бул беренелер алынганы менен деле адам укугу менен дүйнөлүк сотко кайрылуу мүмкүндүгү тосулушу мүмкүн эмес. Бирок бийликтин ниети жана эч кимди көзгө илбеген аракети чочулатып турат. Ажонун майрамдык сөзүнөн кийин андан эң эзелки жана эң берилген сырдаштары жүз үйүрдү. Бийлик бутактарына аз-аздан жаштар келе баштаганы сүйүндүрүп баштаган. Бирок Ажобуздун тили мурунку куулган шериктерининен ашпаса да кем калбаганы жаш элитанын деле чеке жылытарлык сапаттарга ээ эмес экенине ишарат кылгансып турат. Президентибиз айткандай, «кыргызды Кудай эле сактап келе жатат». «Жараткан «Кудай» деген Ажобуздан сакта» деп дуба кылчу доордун таңы атып келе жатабы деген тынчсыздануу жүрөктү өйүгөнү-өйүгөн. Өз бийлигинин жамандыгынан сактоону суранып калчу күнңү Кудай нары кылсын!

Бийликтин буга чейин үмүттөндүрүп келген алгылыктуу иштерин эстегенде чейрек кылымдык өмүрү тууралуу популярдуу ыр саптары көңүлгө түшөт:

*«25, 25 сезим багы бышкан кез,*
*Сезим гүлдөп сересине чыккан кез.*
*Ысык кез, оттой кез, темир ийчү чоктой кез,*
*Тагдыр ташың өйдө кулап турган кез»,* – деп ырдалат.

Ушул куракттагы мамлекетибиз мүчөл жашынын кризисинен чыга электир. Өтмүшүндө оор сокку алганына карабай, эрте токтолгон эрдин курагы башталып кетээр деген үмүт жүрөктү аруулантат. Убада-шертке бекем турган, жоомарттыгы жана кең пейилдиги менен таң калтырган, бир да курбу-курдашын талаада калтырбаган эр курагы...

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Тел.: (0312) 68 07 34, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 68-07-34, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы: 6000**
**Буйрутма № 1917**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Террористер менен иштөөдө Кыргызстан артта калды

**Кытай элчилигиндеги жарылуу бир топ суроолорду жаратты. Айрымдары «Бул жөн жерден эгемендүүлүктүн алдында жасалган жок" дешсе, кээ бирлери буга Түркстандын ислам кыймылы менен кытайлык уйгурлардын тиешеси бар экенин айтууда. Ушундан улам "Эмне себептен террордук жардырууга Кытай элчилиги дуушар болду" деген суроо менен Кыргызстан элинин ассамблеясынын жетекчиси Токон Мамытовго кайрылдык:**



– Учурда дүйнө жүзүнүн ар бир өлкөсүндө террордук жардыруулар болууда. Мындай жардыруулар элчиликтерде дагы уюшулган. Ошондуктан Кытай элчилигинин астындагы террактык иш-аракетти Кытайга түздөн-түз багытталыптыр деген туура эмес болуп калат. Себеби террористер өздөрү деле "Биз мындан ары бөлбөйбүз, биздин душмандар бир" деп айтышкан. Ошондуктан элчиликтерди жардыруу башталаары анык болчу. Эми минтип Кытай элчилигинен баштаптыр. Бул жерде биринчиден Кытайга, экинчиден Кыргызстанга сокку уруп жатышат. Негизинен булар жалпы адамзатка чакырык таштап жатышат. Ушул жагын эске алалы. Биринчи Кытайды жардырды, эми башкасын жардырат деп күтүп олтурбоо керек. Терроризимге каршы чыгуу үчүн жаңы стратегияларды ойлоп чыгалы. Өлкөбүздө мындан он жыл, жыйырма жыл мурун иштелип чыккан стратегиялар иштебей калды. Алар эскирди. Алар мурда Америка, СССР блогу бар учурда, элдик боштондук болуп жаткан убакта даярдалган стратегиялар. Ал кездердеги ыкмалар, чечүү жолдору бөлөк болчу. Мына эки жылдан бери асердик система өзгөрүп, террористердин тактикасы дагы өзгөрүүгө дуушар болду. Террористтер бирикти. Бир сөз менен айтканда терроризм интернационалга айланып кетти. Булар азыркы бизчилеп бөлүнүп-жарылбай, биригип алышты. Бир уюму каржы маселесин чечсе, экинчиси жардыруу маселесин чечип жатат. Үчүнчүсү паспорт, авиа билеттерди даярдап жатат. Булар ушинтип бирин-бири колдоп жатышат. Бүт мамлекеттер ушу терроризимдин жаңы күчүнө каршы иштеп жатат. Эми ошол ыкма менен Кыргызстан дагы иштеш керек. Бирок биз кечигип жатабыз. Радикалдык, экстремисттик чабуулдарга каршы жаңы улуттук системаны иштеп чыгуу өтө зарыл болуп турат.

# Президенттикке ылайык делген Мирзоев Каримовдон да катаал

**Өзбекстан президенти Ислам Каримов ооруканада жатканын анын кызы Лола Каримова тастыктады. Атүгүл айрым маалымат булактары "Каримов каза тапты" деп жазып чыгышты. Бирок президенттин администрациясы бул маалыматты четке кагууда. Эксперттер ал маалымат таралып кеткени үчүн вице-премьер камакка алынып жатса, так талаштын өзү кандай болорун элестете албай турганын айтышат. Канткен күндө да Каримовдун жашы 79ду таяп турат. Ошондуктан ден соолугу чыңалып бутуна туруп кетет деп эч ким кепилдик бере албаса керек. Ал эми эл аралык мамилелер боюнча эксперт Эмил Жороев биздин бийлик Ташкентте жаңы бийлик келери менен байланыш түзүп, конструктивдүү карым-катнаш түзүүгө аракет кылуусу зарыл экенин айтат.**



– Өзбекстандын өлкө башчысынын алмашуусу Кыргызстан мамлекети үчүн маанилүү. Эки өлкөнүн ортосунда өтө көп орчундуу, татаал маселелер бар. Өзбекстандын тышкы саясатын жаңы лидер кандай нукта алып кетет, кандай өзгөрүүлөр болот, же эски жолду карманабы, же Каримов түзгөн эрежелерди бузабы? Азыр айтууга кыйын. Бирок Өзбекстандын ички саясаты кандай болоору өтө маанилүү. Жаңы башчыны мамлекет ичинде оор сыноо, талаш-тартыштар күтүп турган болсо, анын тышкы саясаты ошого жараша катаал, агрессивдүү болушу ыктымал. Канткенде да, биздин бийлик Ташкентте жаңы бийлик келээри менен байланыш түзүп, узүрлүү карым-катнаш кылууга аракет кылуусу зарыл. Негизи "кандидаттар" деп жаңы өзбек башчылыгына үч киши айтылып жатат. Азыр алардын ичинен эң эле мүмкүнчүлүгү көрбүрөөгү премьер-министр Шавкат Мирзоев көрүнөт. Бул киши мүнөзү боюнча Каримовдон кем калышпайт. Ал азыркы президент сыяктуу эле катаал күч ыкмаларын жакшы колдонгон киши дешет. Бирок Каримовдун деңгээлиндеги кадыр-баркка, тажрыйбага, эл аралык сыйга ээ болбогондуктан, ал өзгөчө агрессивдүүрөк ыкмаларды кармануусу ыктымал. Бирок, албетте мунун баарын биринчи кезекте бийлик алмашуу процесси өзү кандай өтөрүнө да көз каранды. Азыр аны эч ким так айта албайт.

# Баш мыйзамды өзгөртүү БУУнун келишимин өзгөртпөйт



**31-август күнү президентибиз Алмазбек Атамбаев сөз сүйлөп жатып Конституцияны өзгөртүү долбооруна негизги себеп катары Азимжан Аскаровдун маселесин айтып, 41-беренеде мина бар экенин, аны карап көрүүбүздү сунуштады. Ушундан улам бул эмне болгон берене жана анын тиешеси тууралуу укук коргоочу Клара Сооронкуловага кайрылып төмөнкүдөй жооп алдык:**

– Аталган беренеде "Ар бир адам эл аралык уюмдарга кайрылууга укугу бар" деп жазылган. Эгер эл аралык уюмдар чечим чыгарып берсе, анда мамлекет ал укуктарды калыбына келтириши керек. Азимжан Аскаровдун иши боюнча Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) комитети "Саясий жана граждандык укуктар бузулган" деп далил көрсөткөн. Биз БУУнун мүчөсү болгондон кийин алардын чечимин аткарышыбыз керек болчу. Бирок бул бир гана Аскаровдун ишине карата аткарылып жаткан иш эмес. Ага чейин эле Кыргызстандын 17 жаранына БУУнун комитети ушундай чечим чыгарган. Демек, көз карандысыздыкка киришип атат деген туура эмес. Анткени биз эл аралык чечимге кол коюп, өзүбүзгө кандайдыр бир милдеттерди алып алткандан кийин, ошол көз карандысыздыгыбыздын чектелгенине макул болуп атабыз. Андай болсо БУУнун мүчөлүгүнөн чыгыш керек. Себеби БУУдагы биз кол койгон келишимде "Мүчөлөр адам укуктары боюнча коммитеттин чечимдерин аткарууга тийиш" деп турат. Азыр аны Конституцияга башкача кылып киргизип койгон күндө да эч нерсе өзгөрбөйт. Кандай болбосун биз эл аралык милдеттемелерибизди аткарышыбыз керек. Биздин Баш мыйзам боюнча Кыргызстандын ар бир жараны укугу бузулса, эл аралык укук коргоо органдарына кайрыла алат. Эл аралык уюмдардын арасынан БУУ баарынан жогору турат. Ал чечимдерин жалгыз эле Кыргызстан үчүн чыгарып аткан жок. Ал толтура чечим чыгарат. Андан сырткары, аларга кайрылган бардык эле жарандын иши карала бербейт. Алардын процедурасы өтө татаал. Арызды ар кайсы мамлекеттен келген 18 эксперт карайт. Бардыгы жазуу түрүндө өтөт. Аскаровко чейин толтура кыргыз кайрылып, алардын укугу корголуп атканда эч ким бул маселени көтөргөн эмес.

# Кыргызстанда уктап жаткан топтор көп

**30-августта болжол менен эртең менен саат 9:40тар чамаларында Бишкектеги Кытай элчилигинде жарылуу болду. Ушундан улам биз мурдагы ички иштер министри Мелис Турганбаевге кайрылып Бул жардыруу боюнча сиздин пикириңиз кандай? Биздин милиция 2-Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында коопсуздукту камсыз кыла алабы деген суроолорду берип, төмөнкүдөй жооп алдык:**



— Дүйнө жүзүндө терроризм күч алып турганы жашыруун эмес. Албетте, эми бул боюнча оперативниктер күнүтүнү иштеши керек. Мен иштеп турган мезгилдеги маалыматтар боюнча, Кыргызстандын аймагында уктап жаткан топтор көп. Ошолордун бардыгы менен жемиштүү иш алып барыш керек. Бүгүн Кытай элчилигине кол салуу болгонуна байланыштуу, Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунда бир топ терракттылар болгон, ошол жактан кетип жатат го деп ойлойм. Алардын арасында ИШИМ менен бирге согушуп жаткандар көп. Бул абдан чоң сокку жана чоң чакырык. Буга күч органдары аябай көңүл бөлүш керек. УКМКнын алдында антитеррордук борбор бар. Алар катуу иштеши керек. 10-башкы башкармалык бар. Анын кызматкерлеринде бир топ болжолдуу маалыматтар, схемалар да бар эле. Ошолордун бардыгын жандандырып иштеш керек. Күч структуралары бул окуянын жыйынтыгын сөзсүз түрдө чыгарат деп ойлоп жатам. Буга мүмкүнчүлүктөрү да, чама-чаркы да жетет.

Ал эми 2-Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын милициябыз коргоп бере алат деп толук ишеним менен айта алам. Учурда милициянын бардык мүмкүнчүлүгү бар. Бирок техникалык мүмкүнчүлүктөр жагынан көп нерсе жетишсиз. Кандай гана окуя болбосун милициянын күчү өтө керек экенин көрүп турбайсыздарбы. Эл бүгүнкү күндө милицияга муктаж. Ошого жараша биз аны күчтөнтүшүбүз керек. Чачыранды кылбай, бириктириш керек. Бардык жагынан кубаттап, санын көбөйтүү учурдун талабы. Айтор, милицияга бардык жагынан шарт түзүп беришибиз керек. Айлыктарын көбөйтүп, аларга каралган ар кандай жеңилдиктерди кыскартпай, тескерисинче, көбөйтүү зарыл. Ошондой жакшы шарттар түзүлсө, милиция азыркыдан да жакшы иштемек деп ойлойм.

# Экономикс

Экономист дүйнө түзүлүшү тууралуу ой айта баштаса, анда ал окумуштуу катары сүйлөп аткан болот. Андан да озуп түшүп, дүйнөнү оңдогонго жардамдашып кирген экономистти саясатчылар кеңешчи кылып алат




*(уландысы, башы мурунку санда)*

## Макроэкономика менен микроэкономика: молекула, үжүрө жана организм

Илимдин бардык тармактары түрдүү даражада изилденет. Мисалы, биологияны алсак. Молекулярдык теориялар боюнча адистешкен биологдор тирүү жандыктардын химиялык бөлүкчөлөрүн изилдешет. Үжүрө теориялары боюнча адистешкендери үжүрөлөрдү изилдешет. Өз кезегинде ал үжүрөлөр албетте, көптөгөн химиялык элементтерден турган тирүү жандыктын бөлүкчөлөрү болуп кетет. Тирүү органдын өсүп жетилүүсүн изилдеген биологдор жаныбарлардын түрлөрү менен өсүмдүктөрдүн класстарын изилдейт. Мындай биологдор убакыт өткөн сайын тирүү жандуулардын кантип жетилгенин байкоого алышат. Экономика да биология сыяктуу түрдүү деңгээлде каралат. Биз кааласак, жеке үй чарбалар менен фирмалардын белгилүү бир товар же кызмат базарында кантип чечим кабыл аларын карасак болот. Каалсак, жалпы экономиканын иштешине байкоо салсак болот. Башкача айтканда, болгон экономикалык субъекттердин бардык базардагы аракеттерин изилдейбиз.

## Жеке чарбага жана мамлекетке тиешелүү нерселер

1930-жылдардан баштап экономикалык теория салт боюнча «микроэкономика» аттуу үй чарбалыктар менен фирмалардын чечим кабыл алуу процесстерин жана алардын базардагы өз-ара алакаларын караган жана «макроэкономика» деген экономиканы жалпысынан изилдеген эки негизги тармакка бөлүнгөн. Микроэкономиканы изилдеген экономисттер жолдогу тыгындарга каршы чыгарылган салык Бишкектин борборунда автоунаалардын көбөйүп, же азаюусуна кандай таасир берерин, жапон автоунаалары европалык автоунаалардын сатылуусун кантип азайтаарын, адамдын университет бүтүрүүсү өмүр бою алган айлыгынын көлөмүн канчага көбөйтөөрүн жана ушул сыяктуу маселелерди изилдейт. Макроэкономика менен алектенген окумуштуулар мамлекеттин сырттан карыз алуусунун улуттук экономикага тийгизген таасирин, калктын турмушун жакшыртуу максатында жумушсуздуктун тенденцияларын изилдеп, акча табуунун альтернативдүү долбоорлорун иштеп чыгуу сыяктуу маселелерди карайт.

> "Жандуунун өсүп-жетилүүсүн изилдеген биология менен молекулярдык биология эки башка илим. Ошондой эле микроэкономика менен макроэкономика да ар бири өзүнө таандык нерселерди изилдейт. Ар бири өзүнчө ык-амал, ыкма жана теория колдонуп, көп учурда өз алдынча курс катары окутулат"

## Илим өз багытын изилдегенге аракеттенет

Микроэкономика менен макроэкономика бири-бирине жуурулушуп турат. Экономика миллиондогон адамдардын жеке чечимине жараша өзгөрөт. Ошондуктан жалпы экономикага тиешелүү багыттарды аныктоо үчүн микроэкономикалык деңгээлдеги агымдарды байкап туруу маанилүү. Мисалы, макроэкономикалык деңгээлде товар менен кызматтардан түшкөн киреше салыгын азайтуу жалпы экономикага кандай таасир берерин изилдесе болот. Бул абалды талдаган изилдөөчү аталган салыктын азаюусу үй чарбалардын товар менен кызматтарды көбүрөөк сатып алуу чечимин кабыл алганга түрткү болобу деген суроого жооп издеши мүмкүн.

Микроэкономика менен макроэкономиканын тыгыз байланышта болуусу бул эки илим тармагынын өзгөчөлүктөрүн жокко чыгара албайт. Экономиканы да биология сыяктуу жөнөкөй элементтеринен баштап изилдеп, андан соң жалпысынан кароого өтүү туура көрүнүүсү мүмкүн. Бирок мындай ыкма бардык убакта туура боло бербейт. Жашоонун өөрчүшүн изилдөө молекулярдык биологиянын тармагы, себеби бардык өсүмдүктөр менен жаныбарлар молекуладан турат. Сыртынан бирдей көрүнсө да, жалпы организмдин өсүп-жетилүүсүн изилдеген биология менен молекулярдык биология эки башка илим. Алардын ар бири билимдин түрдүү ыкмаларын колдонуп, жеке өзүнө гана таандык маселелерди талдайт. Ошондой эле микроэкономика менен макроэкономика да ар бири өзүнө таандык нерселерди изилдейт. Ар бири өзүнчө ык-амал, ыкма жана теория колдонуп, көп учурда өз алдынча курс катары окутулат.

## Саясий кеңешчи болгон экономист

Экономисттерден коомдо болуп жаткан экономикалык окуяларды түшүндүрүп берүүсүн дайыма өтүнүшөт. Мисалы, эмне үчүн жаштардын жумушсуздугу улуу муундукуна караганда жогору? Кээде алардан экономикалык абалды жакшыртуу үчүн кеңеш берүүсүн өтүнүшөт. Жаш үй-бүлөлөрдүн турмушун оңдоо үчүн кандай чара көрсө болот? Дары-дармекти дарылануу үчүн эмес, башка максатта колдонуу боюнча кандай пикири бар? Планетанын жыл өткөн сайын ысып баратканын кантип алдын алса болот? Экономисттер дүйнө түзүлүшү тууралуу ой айта башташса, алар окумуштуунун ишин кылган болушат. Андан да озуп түшүп, дүйнөнү оңдогонго жардамдашып кирсе, андай экономисттерди саясатчылар кеңешчи кылып алышат.

## Позитивдик жана нормативдик анализ: окумуштуу Айгерим жана саясатчы Настя

Кайсыл бир экономисттин ордун аныкташ үчүн алар колдонгон тилге көңүл буруубуз керек. Окумуштуулар менен саясатчылардын максаты ар башка. Ошондуктан алардын ар бири өзүнө гана таандык сөз түрмөктөрүн колдонот. Мисалы, эки айым маянанын эң төмөн чеги тууралуу мыйзамды талкуулап жатышат дейли. Алардын оозунан төмөнкүгө жакын сөздөр чыгышы мүмкүн:

Айгерим: *«Маянанын эң төмөн чеги тууралуу мыйзам – бардык жумушсуздуктун башаты»*.

Настя: *«Ооба, өкмөт маянанын эң төмөн чегин дайыма жогорулатып туруусу керек»*.

Алардын оюна макул, же каршы болгон учурда да Айгерим менен Настянын ою калыптанып калган пикирден башкача экенине көңүл буралы. Айгерим окумуштуунун оюн билдирди. Ал дүйнө тууралуу божомолун айтууда. Настя болсо саясатчы сыяктуу сүйлөдү. Ал дүйнөнүн кандай өзгөртүү керектиги тууралуу пикир билдирди.

## Саясат үчүн илимий фактылар жетишсиз

Дүйнө тууралуу айтылган ырастоонун (утверждение) баары жалпысынан экиге бөлүнөт. Позитивдүү ырастоолор (Айгеримдин айтканы) дүйнө кандай болсо, ошондой сүрөттөйт. Ырастоолордун экинчи түрү (Настянын пикири) нормативдүү болуп эсептелет. Мындай ырастоо буйрук маанисине жакындап, дүйнө кандай болушу керекти жөнүндө баяндайт.

Позитивдүү жана нормативдүү ырастоолордун негизги айырмачылыгы болмушту түрдүү баалаганында жатат. Биз фактыларды изилдеп чыккан соң позитивдүү ырастоонун чын-төгүнүн далилдесек болот. Экономист белгилүү бир мөөнөт аралыгындагы маяна менен жумушсуздуктун өзгөрүүсү тууралуу маалыматтарды талдап көрүп, Айгеримдин сөзү тууралуу өз пикирин билдире алат. Нормативдүү ырастоолорго баа берүү үчүн фактыларды гана эмес калктын материалдык эмес баалуулуктарын да эске алуу керек болот. Эгер биз фактыларды гана колдонсок Настянын ырастоосуна баа быча албайбыз. Илимий фактылардын гана корутундусуна таянып алып кандай саясат натыйжалуу, же натыйжасыз болору тууралуу чечим чыгаруу мүмкүн эмес. Мындай чечим чыгаруу үчүн этикалык баалуулуктар, диний ишенимдер жана саясий философия да талап кылынат.

## Нормативдик нерселерди сүйлөгөн экономист - окумуштуу эмес

Албетте, позитивдүү жана нормативдүү ырастоолордун өз ара байланышы бар. Дүйнө тууралуу позитивдүү көз-карашыбыз биздин учур талап кылган саясат тууралуу нормативдүү түшүнүгүбүзгө таасир берет. Эгер Айгерим ырастагандай маянанын эң төмөн чегинин жумушсуздукка алып келип жаткандыгы далилденсе, биз Настянын өкмөт маянанын эң төмөн чегин дайыма жогорулатып туруусу керек деген сунушун четке кагабыз. Мындан сырткары, биздин нормативдик корутундуларыбыз позитивдүү гана талдоого таянбашы керек. Бул жерде позитивдүү талдоо менен бирге инсандык баалуулуктардын системасын да эске алуубуз туура болот.

Экономиксти изилдеген кезде позитивдүү жана нормативдүү ырастоолордун айырмасы тууралуу унутпаш керек. Экономикалык теория – экономиканын түзүлүшүн түшүндүрүү аракети болуп эсептелет. Бирок көп учурда экономиканын натыйжалуулугун арттыруу жолдорун караштыруу да биздин илимдин максаты болуп калууда. Сиздер нормативдүү ырастоолору жасап жаткан экономистти угуп калсаңыздар, анын окумуштуу эмес саясатчынын кеңешчиси катары сүйлөп атканын билиңиз.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Кыргызстандагы байлыкты көрүп, жапондор баш чайкашты

"Бир аймак - бир өндүрүм" долбоору Жапониянын кенедей кедей Оямо айылын 20 жыл ичинде бай шаарлардын деңгээлине теңеди. Учурда айылдык ар бир үй-бүлө кеминде 5 млн. сом жылдык киреше таап, айылдан алыс кеткиси жок. Оямонун кара өрүгүн жана каштанын бир эле Жапония эмес, бүтүндөй Европа эли таанyйт

Оямонун тажрыйбасын колдонууга Кыргызстанда баары жетиштүү экенин жапондор өздөрү белгилешет. Суубуз таза, жерибиз кенен, аба-ырайы да төп келет, элибиз да эмгекчил. Болгону мамлекет тарабынан өндүрүлгөн өнүмдү сатууга, жайылтууга аз болсо да кол кабыш болушу керек.

## Бийлик менен эл биригиши керек

Жапониянын "JICA" агенттигинин адистери Кыргызстандын жер-жемишинен мурун, мөмө-жемиши чет элде өзгөчө барктуу экенин байкашкан. Канчалаган байлык иштелбей жерде жатканын көрүп жапондор баш чайкашты. Агенттиктин токой-чарба боюнча адиси Такуми Тогаши: "Колдо эмне болсо ошону иштете билүүбүз зарыл. Аны биринчи кезекте карапайым айыл тургундары түшүнүшү керек. Өз колуңда байлык турса, аны башканын колунан издөөнүн эмне кереги бар", – дейт.

– Жапонияда Оямодой айылдар көп. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жапон айылдары ушинтип өнүгүп кетет деп эч ким ойлогон эмес. Мында жогорку бийлик, жергиликтүү бийлик органдары жана жергиликтүү калк бирге иштеши керек. Үчөө бири-биринен ажырабашы керек. Мисалы, Оямолуктар башта мындай сунушка көнүшкөн эмес. Анткени ар биринин өз кызматы болгон. Бирок шаардын ошол таптагы мэри абалдан башкача чыгып кеткен. Ал тургундарга бир жылдык түшүмгө эмне сатып алса жана каякка барып эс алса болорун жакшылап баяндап берген. Эс алууга Гаваи аралдарын айткан. Кыштактан бир кадам ары чыгып көрбөгөн эл аралдарды орундалбас тилегиндей эле көргөн.

Адис Токуми Тогаши Кыргызстанда мүмкүнчүлүктүн баары болгону менен инфраструктура жок экенин кошумчалады.

## 1 гектардан 15-20 тонна өрүк

2015-жылы Кыргыз өкмөтү жана "JICA" агенттиги "Мөмө-жемиш өндүрүү – айыл экономикасын көтөрүү" деген долбоорду баштаган. Ага ылайык, калк жапон адистери менен биргеликте иштемекчи. Алар өстүрүүнүн жолун үйрөтүп, сатканга базар табат, токой чарбасы жер бөлүп берет. Ал эми жергиликтүү эл ошол жерди ижарага алып иштетет. Балыкчы токой чарбасынын жетекчиси Жантаев Канатбек алгачкылардан болуп аталган долбоорду ишке ашыра баштаган. Ал жергиликтүү калкты тартуу менен 400 гектар жерге өрүк айдаган. Жантаевдин айтымында, быйыл 100 тонна түшүм алынды.

– Дагы 1300 гектар жер мөмө-жемишке ылайык. Каалаган адам келип ижарага алып иштете берсе болот. Арендаторлор быйыл болжолдуу 100 тонна түшүм алышты. Алдыда 1 гектар жерден 15-20 тонна түшүм алганга аракет жасап атабыз. Бирок, бирок деген нерсе бар. Кайра иштетүүчү завод жок болгондон кийин өрүктү өз убагында сатып үлгүрүп калышыбыз керек экен. Бир аз өтүп кетсе, чирип кетет. Дагы жакшы, ушул жерден эле түз Орусияга алып кетип жатат. Ошондуктан кайра иштете турган кластер куруп алалы деп чуркап жүрөбүз.

## Таңгактан тарттырып жатабыз

Агробизнесте үч негизги багыт маанилүү – өндүрүү, кайра иштетүү, таратуу, же сатуу. Адистер ушул 3 багыт бири-бирин толуктап турушу керектигин айтышат. Эгер 2 багыт аткарылып, 3-багыт үзгүлтүккө учурап калса, анда кирешеден кол жууганың. Ошондой эле сата турган базар бар, бирок сактай турган жайың жок болсо, төккөн териң текке кетти дейт алар. Долбоордо адис болуп жүргөн "JICA-нын" башкы кеңешчиси доктор Тошифуми Сэризава дыйкандар багбанчылык кылуунун алдында кайра иштетүүнүн жолдорун жана сатылчу базарды аныктап алганы оң дейт. Ал тармактагы башка көйгөйлөрдү да санап берди.

– Кыргызстан ЕАЭБге кошулду. Бирок 180 млн. адам жашаган базарда сонун мүмкүнчүлүктөр менен катар эле кыйын атаандаштар да бар. Мисалы, жакын арадан бери Кыргызстанда чычырканактын ширеси өндүрүлө баштады. Даамы башкалардыкына такыр окшошпойт. Өзгөчө. Ошол замат эле көптөгөн жапон компаниялар кызыгуусун көрсөттү. Ушул эле өндүрүм Армениядан да чыгат. Бирок анын таңгагы Кыргызстандыкына караганда жакшыраак. Бир караган адамды өзүнө тартат. Таза, ирээттүү. Таңгактын көрүнүшү абдан маанилүү. Кардар биринчи эле өндүрүмдүн таңгагын карайт. Жеп көрө албайт да. Өндүрүмдүн ар түрдүү ооруга чалдыгышы, туруксуз, катаал аба ырайы, таңгактын сырткы көрүнүшүнүн начардыгы, сактоочу жана кайра иштетүүчү инфраструктуранын жетишсиздиги, өндүрүмдүн сапатын аныктай турган лабораториялардын жоктугу айыл чарбанын өнүгүшүнө бут тосуп жатат.

Учурда өлкө аймагында багбанчылыкка ылайыкталган, инвестиция салууга жараган жалпысынан 1151 гектар жер бар. Жапониянын "JICA" агенттиги кайсы аймак кандай мөмө-жемишке ылайык экенин аныктап чыгышкан.

| Токой чарба | Аймак | Жердин аянты (гектар) | Жемиш |
|---|---|---|---|
| Чүй | Шамсы, | 129 | Алма |
| | Ак-Бешим | 241 | Алма |
| Жайыл | Жайыл | 105 | Бадам, кара өрүк, унаби |
| Ысык-Ата | Даркан | 200 | Алма, кулпунай, карагат |
| Талас | Кара-Дөбө | 129 | Мөмөнүн бардык түрү, асыресе ит мурун |
| Бакай-Ата | Кең-Арал | 85 | Алма, кара өрүк, шабдалы |
| Ысык-көл | Григорьевское | 17 | Мөмө жемиш, алма |
| Жети өгүз | Кызыл суу | 40 | Өрүк, карагат, |
| Балыкчы | Балыкчы | 25 | Өрүк |
| Түп | Сары-Дөбө | 180 | Чычырканак |


Сүрөт ▸ Azattyk

## Багбанчылык кылуу оңой эмес

Жергиликтүү токой чарбалардан ижарага жер алып иштетип келген багбан Нурбек Абдрахманов багбанчылык кылуу оңой эмес экенин айтат. Башкаларга караганда бул кесип бир далай тер төгүүнү жана акча каражатын талап кылат.

– 2013-жылы 10 гектар жерди 40 жылга ижарага алганбыз. 2014-жылы анын 5 гектарына 6 миң түп карлик алма көчөтүн отургуздук. 2015-жылы дагы 12 миң көчөт тиктик. Ошентип жалпысынан 18 миң көчөт болду. Бир көчөттүн баасы 175 сомдон тартып, 250 сомго чейин болсо, ар бирин 50 сомдон тиктирдик. Андан соң 130 машина кык төктүк. Малдан коргоо үчүн тегерегин курчап чыктык. Ал үчүн бир даанасы 500 сомдон турган 500 түркүк тургуздук. Анын ар бирин 50 сомдон орнотуп беришти. 1 килосу 120 сомдон турган тикен зым алып айланта тосуп чыктык. Анын жалпы узундугу 14 миң чакырым болду. Былтыр болсо 2,5 чакырым алыстыктан свет тарттырып келдик. Андан тышкары, 20 миң долларга трансформатор орноттук. Багбанчылыктагы жумуштун баарын колго жасайбыз. Бир гектарды сугарганга 700 сом, 10 гектарга 7000 сом беребиз. Учурда "Старый крыпца" жана "элипсур" сортунун алмалары түшүм берип жатат. Келечекте дагы 15 гектардай жер алып, кокон гилас, өрүк жана жөнөкөй сорттогу алмаларга басым жасайлы деп турабыз.

Багбан Нурбек Абдрахманов бардык жумуштар колго жасалганы менен жалпылай жылына 10 гектар алма багууга 200 миң сом кетээрин кошумчалады. Каражат өз чөнтөгүнөн кеткендиктен азырынча киреше тапканын, же банкрот болгонун байкай элек. "Меники баары өз чөнтөгүмөн чыкты. Бирок кредит алып жапкандарга кыйын эле болот го" деп турам деген ишкер насыя алуудан чочулап турганын айтты.

## "Айыл банк" акча берет

Өкмөттүн багбанчылыкка багытталган долбooруна ылайык, "Айыл банк" ААК дыйкандарга жылдык 10 пайыз менен насыя берүүгө даяр. Банктын насыя бөлүмүнүн башчысы Шорохов Мунарбектин айтымында, багбандар 50 миңден 150 млн. сомго чейин 10 жылга ар кандай мөмө-жемиш өндүрүү үчүн насыя алса болот.

– Айыл банк жеке жана юридикалык жактарды талаа иштерин жүргүзүүдө, мал сарай курууда, мөмө-жемиш жана гүл өстүрүүдө, жалпысынан дыйканчылык менен алектенүүдө мамлекет бөлгөн каражаттын эсебинен акча менен камсыздайт. Күрөөгө алган насыянын 80 пайыздык суммасын түзө турган там, же дагы башка баалуу мүлк коюлушу керек. Ал эми ишкер лизинг формасында (банк түз акча бербей, дыйканга керектүү буюмдарды алып берет) насыя ала турган болсо, алган буюму өзү күрөө болуп берет. Ага айыл чарба техникасын, логистикалык борбор курууга керектелген жабдыктарды, өндүрүмдү кайра иштеп чыгуучу техникаларды сатып алса болот. Мындай формадагы насыянын жылдык пайызы 7 пайызды түзөт. Кененирээк маалыматты жергиликтүү банк бөлүмдөрүнөн алса болот.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Мектептерде туура реформа жасалып жатабы?

## Мектептердеги билим берүү стандарттарынын эскириши, китептердин жана кесипкөй мугалимдердин жетишсиздиги орто билим берүү тармагына реформа жасоо убактысы келгенин айтып тургансыйт

Окуу жылынын башталышына саналуу гана убакыт калды. Бул аралыкта Билим берүү министрлиги бир топ маселелерди көтөрүп, демилгелерди сунуштаганга жетишти. Сунушталып жаткан долбоорлор орто билим берүү тармагына реформа жасаганга алы келеби же жокпу? Аны убакыт көрсөтөт.



### Мектептерде математика сабагы жакшы окутулбайт

Бул жылдагы Жалпы Республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгы табигый-так илимдердин деңгээли төмөн экендигин көрсөттү. Кыргызстан боюнча көпчүлүк окуучулар математика предметинен төмөн упай алышкан. Жогорку окуу жайларга тапшырып жатканда дагы техникалык факультеттерде орундар толбой калган. Ушундан улам мектептерде так илимдерге басым жасап, ЖРТда дагы математикага өзгөчө көңүл буруу керек экендиги билинген. Бул окуучулар өздөрү гана эмес мугалимдер, ата-энелер жана мамлекеттин биригүүсү менен ишке ашса тезирээк болчудай.

Натыйжада айтылуу маселени кантип колго алып жатышканын билүү үчүн Билим берүү жана илим министрлигине кайрылып көрдүк. Министрликтин айтымында, акыркы он жыл аралыгында чынында эле мектептерде математика жана табигый-так илимдерди сабак берүү деңгээли төмөндөп кеткен. Буга байланыштуу министрлик 2016-жылдан баштап бул сабактардын саатын көбөйтөт. Ошондой эле 2017-жылдан баштап информатика сабагы 7-класстан эмес, 5-класстан баштап бериле баштайт. Дүйнөлүк жана ата-мекендик тажрыйбаларды кошуп, табигый илимдердеги билим деңгээлин жакшыртуу үчүн, министрлик алгач пилоттук негизде 10 мектепти тандап алды. Эми бул орто билим берүү жайларында математика, физика жана информатика сабактары тереңдетилип окутула баштайт. Эгер жакшы натыйжа берсе, башка мектептерге дагы киргизилет.

Бул мектептер:

- Бишкек шаарындагы №61 мектеп-лицейи;
- Кара-Балта шаарындагы 10-гимназия;
- Кара-Кулжа айылындагы “Б.Эшмамбетов” орто мектеби;
- Таластагы №2 орто мектеп;
- Нарындагы “У.Асанов” лицей-интернаты;
- Оштогу №50 орто мектеп;
- Каракол шаарындагы “Токтогул Сатылганов” атындагы лицей интернаты;
- Жалал-Абаддагы “С.Давлетов” атындагы №14 орто мектеп;
- Баткендеги гимназия интернат;
- Бишкектеги №65 лицей.

Кошумчалай кетсек, Америка, Япония өлкөлөрүнүн мектептеринде математика жана табигый-так илимдер сабактары башталгыч класстан баштап катуу басым менен окутулат. Жыйынтыгы айтпасак деле көрүнүп турат.

### Китептер кайрадан ижарага алына баштайбы?

1996-2006-жылдары китептер окуучуларга мектептен ижарага берилчү. Китептен түшкөн ижара акысына жаңы китептер алынып, китеби жетишсиз мектептер камсыздалып келчү. 2006-жылдан баштап ижара акы төлөө жоюлуп, бул маселени мамлекет өз колуна алган эле. Өкмөт тарабынан жылына китеп алууга 100 миллион сомдой каражат бөлүнчү. Бирок мындай ыкма мектептердеги окуу китептеринин тартыштыгын жоё алган жок. Билим берүү жана илим министри Элвира Сариева бул жылы китеп көйгөйүн кайрадан көтөрүп чыкты. Министрдин сунушу боюнча мурдагы жылдардай окуу китептерине кайрадан ижара акысын киргизүү болду.

Бирок буга ата-энелердин көпчүлүгү каршы. Мектепке эки кызын окутуп жаткан Жылдыз айым ижара акысын төлөп келген убакта деле китеп тартыш болчу дейт:

– Менин беш балам бар. Азыр мектепте эки кызым окуйт. Улуу балдарым окуп жүргөндө ар бир китепке 12 сомдон ижара берчүбүз. Бирок ошондо деле китептер эски, жетишчү эмес. Акча төлөбөгөн эки кызымдын деле китептери тартыш. Окуу башталар замат мугалими жетишпеген китептин автору менен жылын жазып берип жиберет. Аларды 200-300 сомдун тегерегиндеги баага сатып беребиз. Бул ар бир жылы кайталанган көрүнүш. Эгер кайрадан ижара акысын киргизсе анда бардык китептер жетишсин жана жаңы болсун. Болбосо бул сунуш биздей көп баласы бар ата-энеге кыйын болот. Айта кетчү нерсе, мектептерде китеп гана эмес, алсак география сабагына карта, глобус деген нерселер дагы жетишсиз.

Китептерге ижара төлөтүү, айтып өткөндөй азырынча сунуш эле бойдон калууда. Билим берүү министри Элвира Сариева мектептердеги окуу китептеринин жетишсиздик көйгөйүн чечүү үчүн мектептердеги китепканаларга китептердин ачык электрондук форматтарын жайгаштырып толтурууну, китептердин нускасын көбөйтүү үчүн инвестор табуу аракеттерин киргизген. Натыйжада 2016-2017-окуу жылына карата мектептердеги окуу китептери 11 695 681 экземплярга жеткен. Бул болсо жаңы окуу жылына карата керектелчү китептердин 79,6% толду дегенди билдирет.

Ал эми өзү министрлик мектептердеги окутуу программасын жакшыртуу үчүн 1-4-класстардын математика, кыргыз тили, орус тили жана табият таануу сабактарынын жаңы стандарттарын бекитти. Эми акырындап калган сабактардын стандарттары иштелип чыгары айтылууда.

2016-2017-окуу жылынан тарта республиканын 56 мектебинде 5-6-класстардын окуу китептеринин жаңы муунy сунушталып, сабактардын жаңы стандарттары бекитилет. 7-8-класстар үчүн математика жана табигый-так илимдер сабактарынын жаңы стандарттарга туура келген китептери 2017-2018-окуу жылында окутула баштайт. 10-11-класстар болсо сабактын жаңы стандарттарына ушул жылы өтөт.

### Бирдиктүү мектеп формасы кийилбейт

Бирдиктүү мектеп формасын киргизүү сунушу социалдык теңсиздикти жоюу, окуучунун билим алуусуна тоскоол болгон факторлорду алдын алууда эң керектүү сунуш болгон эле. Бирок азыркы тапта бирдиктүү форма менен өлкөбүздө саналуу гана мектептер окушат. Сунуштун ишке ашпай калышы мектеп формасынын бааларынын бирдей болбогонуна, сапат жагынан кайра эле теңсиздикке жетелегенине, ошондой эле көпчүлүк ата-энелердин наразычылыктарына байланыштуу. Бул жылы мектептерде мурдагыдай эле классикалык форма кийилет. Ошого карабай базарларда, дүкөндөрдө мектеп формалары сатылууда. Билим берүү министрлиги бул маселе боюнча милдеттүү форма кийүү эрежеси буга чейин иштеп келген тартипте каларын айтты. Окуучуларга өтө ачык жана түстүү кийим кийүүгө тыюу салынып, күрөң, кара, көк кийимдерди кийүүгө болору эскертилди. Буга кошумча үстү ак, асты кара кийимдерди жана ак көйнөк менен кызыл чакмак юбка кийип мектептерге бара берүүгө болот. Эгер ата-энелер комитети бирдиктүү форма киет десе окуучулар кие беришет. Болгону бул жерде мурдагыдай эле чечим ата-энелердин өздөрүнө берилди.

Анткени менен бирдиктүү мектеп формасын кийүүнү өз колуна алган мектептер жок эмес. Бир караганда көзгө жагымдуу көрүнгөн форма чынында эле билим деңгээлине таасир берерин айрым ата-энелер өздөрү да байкашкан. Ата-энелер комитетинен Айнура айым бул боюнча төмөнкүлөргө токтолду:

– Эки балам жана бир кызым №78 гимназия мектебинде окуйт. Мен баламдын классында ата-энелер комитетинин мүчөсүмүн. Бирдиктүү мектеп формасын киргизүүдө биз ата-энелер менен кеңешкенбиз. Бирок көбүнчө карапайым үй-бүлөлөр каршы чыккандыктан, формадан баш тарттык. Бирок биз деле жаш кезекте дос-курдаштар болуп окшош кийинип жүрчүбүз. Ал кезде эң жакшы жери атаандаштыкты билчү эмеспиз. Сүйлөшкөнүбүз саркеч кийимдер, же кымбат кийимдер эмес, окуу гана болчу. Эгерде бирдиктүү форма кийүү чечимин ата-энелерге эмес, билим министри өзүнө алып, буйрук берсе бардык мектеп кийип эле калмак. Себеби каршы чыккандар мындай күндөрдө деле боло берет.

Канткен күндө дагы бул жылы мамлекет тарабынан мектептердеги билим берүүнү жакшыртып, дүйнөлүк стандарттарга тууралап реформалоо сунуштары көп эле жолу айтылды. Эң негизгиси айтылып эле кала бербей, иш жүзүнө дагы ашса жакшы болор эле.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Академия базарга айланганбы?

Иса Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын ичинде чыр чыкты. Себеби, ректордун мыйзамсыз иш-аракетине бут тоскон декандар жана алардын орун басарлары жумуштан алынган. Негизи эле окуу жайда пара алуу, мыйзамсыз окууга өткөзүү, студенттерге диплом сатуу маселелери көптөн бери курч маселе болуп келет



## Билген маалыматым үчүн жумуштан алындым

Баарыбыз билгендей эле, медициналык академияда сырттан келген студенттер көп. Өзгөчө Индия, Пакистан, Казакстан мамлекеттеринен көп окушат. Бизде мед. академияда окуу оңой эмес, баш-аягы 9 жыл билим аласың дешет. Бирок чет элдик студенттер анча көп жыл окубайт. Себеби алар мыйзамсыз жол менен 4 ай гана окуп, жогорку билимдүү деген диплом алса болот экен. **Медициналык илимдин талапкери, студенттик өндүрүм бөлүмүнүн башчысы Айнура Кудаярова** чет жактын медициналык окуу жайларынан которулуп келген студенттердин көбү ал жактан окубай эле, биздин академиядан мыйзамсыз диплом алып жатканын айтат:

– Индира Кудайбергенова 2000-жылы аттестациялык комиссиянын төрайымы болгон. Ал эми 2001-жылы ректордун жардамчысы болду. Ошол жылдары чет өлкөдөн акыркы курсту аяктоо үчүн бизге которулуп келген студенттер көп эле. Которулган студенттер 4 ай окуп эле медициналык академиянын дипломунун ээси болуп калышчу. Ал студенттер боюнча эч кандай



текшерүү жүргүзүлгөн эмес. Бирок жүргүзүш керек эле. Чет элдик компаниялардан "Бул студент чын эле сиздерде окуганбы?" деген сурам каттар түшүп турат. 2015-жылы Сирия жараны дипломдун дубликаты менен академия дипломунун түп нускасын алууга арыз жазган. Ал Казакстандын медициналык окуу жайынан биздин окуу жайга которулуп келген экен. А көрсө, биздин академияда аяктоочу курсту 4 ай окуп диплом алыптыр. Кийин маалыматтарын тактай келгенде Казакстанда да окубаганы билинди. Мына ушунун баарын билгеним үчүн мени жумуштан алышты, – деди ал.

## Академия базарга айланды

48 жылдан бери медициналык академияда эмгектенген **мурунку ректор Аширалы Зурдинов** бул жылдар аралыгында ар түрдүү тепкичтерди, оош-кыйыштарды басып өткөн. Зурдинов 10 жылдан бери академияда көп нерсе өзгөрүп, окуу жай базарга айланганын айтат. Учурда бул окуу жайда 1937-жылдары эл душмандарын издегендей кызматкерлер куугунтукка алынып, декандар жумуштан кетип жатканын төмөнкүдөй айтат:



– Эмгек өргүүсүнө чыгып келсем окуу жайда өтө жаман окуялар болуп кетиптир. Аларды көрүп жөн тура алган жокмун. Буга чейин жакшы-жаман күндөр болгон. Бирок акыркы 10 жылдан бери академия базарга айланды. Материалдык, техникалык базаларды жоготтук. Кээ бир корпустарды жоготуп алуу коркунучу болду. Биз мунун баары оңолуп кетет деп ойлогонбуз. Бирок Индира 1937-жылы НКВД эл душмандарын издегендей, туура иштегендерди да куугунтукка ала баштады. Бара-бара бул маселе курчуп барат. 2011-жылы Өкмөттөн "Мед. академиянын клиникаларында иштегендерге 25% кошумча акы төлөнсүн" деген чечим чыккан. 2012–2013-жылдары Индира Кудайбергенованын жеке менчик клиникасында 9 кызматкер иштечү. Ошол кызматкерлер студенттерди окутуп жатабыз деп 25% кошумча акы алып жүргөнү билинди. Ал кызматкерлер жеке клиникада эмес, улуттук онкологияда иштегенде гана кошумча акы төлөнүш керек. Анын бул иштери тууралуу айтып чыккан кызматкерлерди кысымга алып, жумуштан алууда. Ал эми чет жактан келген студенттерди "Башка жактан которулуп келди" деген жалган маалымдама менен 4 ай окутуп туруп диплом берген. Мыйзамсыз диплом алган жаран, өз элин туура эмес дарылап, майып кылганы жакшылыкка алып барбайт. Чет элдик студенттер кыргыз дипломуну менен эл дарылайм деп өлтүрүп жатат. Жок дегенде буга моралдык жактан маани бериш керек да. Кыскасы, бул Индира кандай кыянатчыл адам экенин түшүнбөй турам.

## Студенттердин дипломуу мыйзамдуубу?

Ошол эле Аширалы Зурдинов да өз убагында ректорлук кызматка мыйзамсыз келгенин маалымат булактары жазып келген. Ректор кезинде кызматкерлерди аябай кысымга алган дешүүдө. Так ошол Зурдинов жетектеп турган кезде анын кысымына кабылганын угуп **профессор, илимдин доктору Жамидин Айдаров** менен



байланышууну туура көрдүк. Жамидин агай чет элдик студенттердин окуясы Кудайбергеновага чейин эле болгонун төмөнкүчө айтып берди:

– Бул киши келгенде эле баарын кысымга алган. Мендагы анын кысымына кабылгам. Эгер декандар конкурстан өтүп жумушка киришсе, анда алар эч качан жумуштан кетпей калмак. Ошондуктан Зурдинов кызматкерлерди конкурстан өткөрбөй, милдетин аткаруучу кылып гана алып жүргөн. Ал өзү ректор кезинде 170 адамды жумуштан алды. Зурдинов Индираны 2000-жылы бүткөн чет элдик студенттердин дипломуна кол койгон деп жатат. Бирок Кудайбергенова аттестациялык комиссиянын төрайымы катары гана кол койгон. Окуу жайда 3 ай окусаң да мамлекеттик экзамен берилет. Төрайым студентти экзаменге кабыл алууга милдетүү. Анткени ал функционалдык милдетин аткарып жатат. Кудайбергенованы студенттерди которгону мыйзамсыз деп жатат. Бирок аттестациялык комиссиянын төрайымы студентти эч кандай которо албайт. Которууну деканат, ректордун жардамчысы, ректор жүргүзөт. Зурдинов бул ишти 16 жыл өткөндөн кийин көтөрүп жатат. 2000-жылдары 3 ай окусаң деле которууга уруксат берилчү. Ал эми 2010-жылы гана 1-курстун жана акыркы курстун студенттерин которбогула деген мыйзам чыкты. Бул окуя Кудайбергенованын ректорлук убагында болгон жок. Чет элдик студенттер дипломду мыйзамдуу эле алышкан. Коррупция ошол убакта эле бар болчу.

## Мыйзамсыз бүтүрүүчүдөн эл жабыркабасын

Бузукулук тенденциясына каршы чыккан **Мед. академиянын профессору Гүлмира Бейшенбиевага** окуу жайдагы абалды сурап кайрылганыбызда ал азыркы ректор окуу жайды өзүнүкү кылып, кызматкерлерди жумуштан алып жатканын айтты. Чет элдик



студенттердин дипломдоруна ректор кол койгон. Мыйзамсыз диплом алган бүтүрүүчүлөрдүн айынан башкалар жабыркабаш керек деп буларга токтолду:

– Пакистандын жараны мыйзамсыз медициналык академияга которулуп, окууну аяктап, азыркы ректордун колу коюлган диплом алган. 2016-жылы Орусиядагы Сирия элчилигинен мед. академиядагы түп нуска дипломуу тууралуу сурам кат келген. Ал катта Сириянын 5 студентинин түпнуска дипломдору керек деп жазылган. Көрсө, бул студенттер окуу жайга мыйзамсыз которулуп келип, диплом алган экен. Мед. академияга Сириядан башка өлкөлөрдөн да окуганы келишет. Мыйзамсыз бүтүрүүчүлөрдүн айынан башкалар жабыркабаш керек. Индира Кудайбергенова ректор болуп, окуу жайды өзүнүкү кылып Исакова менен Кудаярованы жумуштан алды. Ушулар менен эле тынчып калбай, ректорлук кызматка келе жаткан Сатылгановду да четтетти. Коомчулуктун ден-соолугу үчүн бул бузукулук тенденциясына каршыбыз.

## Эч кимдин кетпешин суранып жатам

Ал эми **И.Ахунбаев атындагы медициналык академиянын ректору, медицина илимдеринин доктору, профессор Индира Кудайбергеновага** кайрылганыбызда ал, Пакистандан келген студенттердин келип кеткенине 16 жыл болгонун айтты.



– 16 жыл мурун мен аттестациялык комиссиянын төрайымы болчумун. Ал убакта дипломдор кандай берилгени боюнча баа бере албайм. 2000-жылдары акыркы курста окуган студенттерди окууга кабыл албоо, же которуу болбойт деген мыйзам жок эле. Бул мыйзам 2008-жылы гана каралып, кабыл алынган. Бүгүнкү күндө бир дагы адамды жумуштан алган жокмун, кетирейин деген оюм да жок. Декандары жумуштан алды дегендери чындыкка жатпайт. Аларды жумуштан алган эмеспиз. Болгону Айнура Кудаярова жумуштан алынды. Анткени ал Тышкы иштер министрлигинен келген документтерди интернет аркылуу жалпыга жарыялап салган. Натыйжада комиссиянын чечими менен жумуштан алынды. Зурдинов ректорлукка ал ойлогон адам коюлбаганы үчүн таарынып жатат. Анткени ал Сатылганов аттуу жаран ректор болушун каалаган. Бир топ жашка келип калган адам бизге иштегенге мүмкүнчүлүк берсе болмок. Учурда академиядагы кызматкерлердин баары эмгек өргүүсүнөн келишти. Мен эч кимдин жумуштан кетпешин айтып, иштегиле деп суранып жатам, – деди ал.

АЗАТБЕК КЫЗЫ АЙПЕРИ

# Жалганга курулган дүйнө урап түшөт

Бала тарбиясында эске алына турган негативдүү мүнөздөрдүн бири жалганчылык. Балдардын жалган айтуусунун, же жалган мамиле куруусунун себеби эмнеде? Анын жеке жашоосунда жана коомдо калп айтуунун кандай кесепеттери болушу мүмкүн?



## Таза түшүнүккө жалган сиңбейт

Жалган – болбогон нерсени болгондой кылып айтуу. Бул түшүнүктү кеңирирээк алсак, болбогон нерсени болгондой айтуудан сырткары ишараты, кебете-кешпири жана аракеттери менен адамдарды жаңылтуу да жалганга кирет. Калп адамдардын ортосундагы мамилеге кесепетин тийгизет. Жалганчы кишилердин көбөйүүсү коомдук турмушка олуттуу зыян алып келет. Маданий, саясий жана философиялык түшүнүктөрдө жалганчылык эч качан туура көрүлүп, аз да болсо кубатталган эмес. Биз карманган ислам дининде тамашалап болсо да жалган айтууга тыюу салынган, жалган күбөлүккө өтүү эң чоң күнөөлөрдүн катарына кирет

## Жалгандын айынан мамлекеттер ураган

Ошондуктан бала тарбиялоодо адатта жеңил көрүнгөн "жалган" феноменин башынан алдын албаса, наристени туура жолго багыттап, чынчыл болушуна көңүл бурулбаса, коом жалган пайдубалдын үстүнө орногон система болуп калышы мүмкүн. Натыйжада бул жеңил көрүнгөн илдет коррупция, элди туура эмес жакка багыттоо, бирөөнүн акысын камарабай тартып алуу сыяктуу чоң кесепеттерге себеп болот. Кудай сактасын, жалгандын аркасы менен эки мамлекеттин ортосунда согуш чыгып кеткен окуялар аз эмес. Жакынкы учурдагы дүйнө тарыхында мамлекет башчыларга жандоочулары жалган маалымат берип, натыйжада эгемен мамлекеттерге каршы согуш ачылып, жүз миңдеген адамдар өлүп, миллиондогон качкындар пайда болгон.

## Негизги өрнөк жалган сүйлөсө

Табиятынан таза туулган балдар эмне себептен жалган сүйлөп, жасалма аракеттерге барат деген суроо пайда болот. Мунун негизи ата-эненин балдарынын чынчыл болуусуна көңүл бурбаганынан калыптана баштайт. Улуулар баланын жалган айтканына эмес, жалган сүйлөшүнө себеп болгон нерселерге көңүл бурушу керек. Балдардын жалганчылыкка баруусунун эң башында өздөрү үлгү туткан инсандардын жалган айтуусу болуп эсептелет. Бала өзү бийик көргөн, кастарлаган адамын карап туруп "Аа, бул деле калп айтып атат. Демек, калп айтуу адаттагы нерсе экен, уруп-согуп сүйлөй берсе боло берет турбайбы" деген бүтүмгө барып, натыйжада жалган айтууга көнүшө баштайт.

## Чынчылдык – ата-баба мурасы

Жаңыдан өсүп, жетилип келе жаткан балага турмуштагы эң таасирлүү үлгү – ата-эне. Ошондуктан ата-эне жалган айтуунун эң майда нерселеринен узак болуусу шарт. Досуңуз чалса, же капыстан туугандарың келип калса, балаңыздын көзүнчө "Үйдө жубайым жок эле", же "Биз бир жакка чыгалы деп аттык эле" деген жок шылтоо айтуу менен баланы жалганга жетелеген болобуз. Ата-эненин чынчылдыктын үлгүсү болушу, балага бир нерсе тууралуу убада бергенден кийин аны орундатышы өтө чоң мааниге ээ. Чынчылдык аманаты ата-бабадан учурдагы ата-энеге жүктөлгөн улуу мурас. Учурдагы бекем, туруктуу өнүгүп жаткан мамлекеттер менен улуттар ачык айтып ак сүйлөөдөн, жазганбай акыйкатты айтуудан куралган. Жалганчылыкты саясаттын туу чокусу катары колдонгон улуттар мамлекетинин түбүнө жетип, селсаякка айланганына тарых күбө.

## Жалгандын бардык түрүнө бөгөт коюу

Жашоодо өз ордун издей баштаган өспүрүм үчүн ата-энеден сырткары тележылдыздар, саясатчылар, жазуучулар, спортчулар, маданият тармагынын кызматкерлери да үлгү катары көрүнө баштайт. Эл көңүлүнүн чордонунда турган мындай инсандар аркылуу да коомго жалганчылыктын үлгүлөрү жайылып кетпеши керек. Андан сырткары, үлгү болчу тараптар бул мугалимдер, мекеме, же ишкана жетекчилери, тарбиячылар. Коомдун бул тайпалары да чынчылдыкка чоң маани берип, жалгандан этият болушу керек. Өз алдынчалыкка эми араң кадам таштай баштаган өспүрүмдү тегерегиндегилери жактырбай турса, бул аны жалганчылыкка түртөт. Бала жамаатка, досторуна жагыш үчүн жалган айткан учурлары болушу мүмкүн. Балдардын мындай абалга кириптер болбоосуна мугалимдер, тарбиячылар көңүл бурушу керек.

## Жектебей, чындыкты айтууга шарт түзөбүз

Мугалим, же тарбиячы, же ата-эне, дегеле өспүрүмдү жетектеген адамдардын балага көтөрө албай тургандай, же кыйнала тургандай милдет берип, тапшырма жүктөп коюусу жеткинчектин жалган сүйлөөсүнө түрткү бериши мүмкүн. Бала аткаруусу мүмкүн болбогон нерсесин аткардым деп, же болбосо жалган шылтоо айтууга мажбур болуп калган учурлар болот. Тапшырма берип жатканда бала аткара ала турган нерсе, акылы жете турган нерсеге багытоо керек. Мисалы, балага акча бердиңиз. Ага "Акчанын ушунчасын гана буга жумша, калганын кийинкиге калтыр" дедиңиз. Бала оюнкараактык менен ашыкча бир нерсеге жумшап коюп, "Жоготуп жибердим" деп, же башка шылтоо айтышы мүмкүн. Аны "Айтпадым беле, сен эмнеге билип туруп ушундай кылдың?" деп зекий турган болсоңуз, ал сиздин ишенимиңизден чыгып калбаш үчүн андан дагы терең жалган айтууга кириптер болот. Ошондуктан ачууга алдырбай балага "Кандай жектиликтүү түшүндүрсөм, канткенде чын айтуу атмосферасын жарата алам?" деп ойлонуш керек.

## Баланын кыялын жалган деп албайлы

Баланын бизге жалган сыяктуу көрүнгөн ойлору көбүнчө эркин кыялдануусунан да пайда болот. Анын чын менен жалганды айырмалай турган учуру келе элек болгондуктан ар түрдүү фантазияларды ойлоп табат. Ар кандай кыялданат, фантазияларды айткысы келет. Өзү окуган жомок, көргөн фильминин таасири менен жалган менен чынды аралаштырып алган учуру болот. Ошону түшүнүүгө аракет кылыш керек. Мисалы, "Мен машина айдап жүргөндө", же "Мен ушундай чоң атка миндим", же "Велосипедимди 100 километр ылдамдык менен айдадым" деп коюшу мүмкүн. Ошондуктан мындай учурда кыял менен чыныгы жалганды ажырата билип, кыялданууcуна тоскоол болбой тургандай болуш керек. Бирок кыялдануу курагынан өткөн күнү да анысын таштабай жаткан болсо, атайын кесипкөйлөргө кайрылуу туура болот.

## Жупунулук жалганга себеп болбосун

Бала өзүнүн же жакындарынын жупунулугун билип, андай болбошун эңсегенде да жалганга барышы мүмкүн. Мисалы, үйүндө кандайдыр бир жетишпестиктен улам оюнчуктары аз болсо, аларды бардай кылып, оюнчуктары менен көңүлдүү убакыт өткөрөрүн айтып коюшу мүмкүн. Же тескерисинче, бардар үй-бүлөдө эрке өсүп, дайыма мактоого көнгөн бала мектепте, же жайкы лагерде да үйүндөгүдөй мактап-жактоону күтөн, алкыш угуу үчүн жалган айткан балага айланат. Мындай учурда материалдык жетишкендиктен сырткары, руханий жана интеллектуалдык байлыктар бар экенин да түшүндүрүү керек. Дал ушулар негизги жана туруктуу экендигин түшүндүрүп, баланын ички дүйнөсүнө кирип, ал түшүнгөн тилде айласын тапканга аракет кылышыбыз керек. Чыныгы байлык ал өзү экенин сездирип, ошого канаат кылууну жана аң-сезимин байытуу аркылуу туруктуу материалдык бакыбаттуулук келерин түшүндүргөнүбүз пайдалуу болот.

## Бала жакындарына ачыла алсын

Бала менен улуулардын мамилеси чын жүрөктөн болушу керек. Баланын кыялына жана жаш курагына жараша мамиле кылуу зарыл. Ата-энелер башка балдарды мактап, өзүнүкүн кемсинткени туура эмес. Улуулардын алкоосуна татыктуу болуш үчүн жалган айтуусуна себеп болбошубуз керек. Бала тарбиялоодо басмырлоодон, уруп-согуудан узук бололу. Андайда бала басмырлоого дуушар болбош үчүн жалган айтып калат экен. Ал жеке физиологиясынан баштап эл менен кылган мамилесине чейин ата-энеси, туугандары менен кең-кесири сүйлөшө алгандай болсун. Эгер ата-эне айтылган чындыкты зекип койсо, эмкиде бала туура эмес нерсени айтканга мажбур болот. Ошондуктан бала менен ата-эненин ортосунда сүйүү, мээрим сезимдери жандуу туруусу керек. Бала ал мээримди эңсейт, эгер ал орундалбай калса жалганчылыкка кириптер болот.

## Жазалоо эмес, дем берүү маанилүү

Биздин коомдун эске албаган, андан да жаманы четке каккан кемчилигинин бири – баланын жалган айтканын кайра-кайра эскерте берүү. Бала мындай мамиледен улам чын айтсам деле уруша берет деген ойго келип, психикасы катуу жабыркайт. "Сен дайыма калп айтасың, сенин айтканыңа ишенбейм" деген сөздөр баланын биротоло чындыктан алыстаабоосуна себепчи болот. Ата-эне менен мугалим-тарбиячылар тетирисинче, фантазиясы күчтүү баланын чын айтканын мактап, баарына жар салып, керек болсо таттуу-паттуу, белек берип кубаттаганы кандай сонун. "Бул жакшы атанын баласы", "Атанын уулу болбодуңбу, алтыным" деп алкашыбыз керек. Негизгиси, чынчылдык өзүнөн-өзү келип калчу мүнөз эмес экенин билип, аны калыпташ үчүн кылдат жана узак мөөнөттүү эмгекке даяр болуш керек.

ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК

# Талгат Молдалиев: “Ата-энемдин эмес, кыргыздын уулу болгонго аракет кылам”

“Kyrgyz Union” уюмунун жетекчиси, жеке ишкер Талгат Молдалиев мырза менен маектешип отуруп, өлкөсү үчүн жан тарткан чыныгы патриот жигит экенин баамдадым. Көп жыл чет жерде ийгилик жаратып жүргөнүнө карбай, баарын таштап келген атуул менен ар тармактан сөз козгодук

## Түшүмдө кытайча сүйлөп, иероглифтер кирип калган

Өзүм тамашалап “Бишкектин коду дагы 312, туулган күнүм дагы 312” деп айтып калам. Кичинемде “Бул бекериннен эмес. Бул мамлекетке, же жериме пайдалуу нерсе жасашым керек деген нерсе” деп ойлой берчүмүн. 7-класска чейин Бишкекте 39-мектепте окудум. Окуучу кезде көп мушташчумун. Муну ата-энем байкап калып, 67-мектепке которду. Ал жерди 2007-жылы алтын медал менен аяктадым. Андан кийин Улуттук университеттин кытай тили бөлүмүнө тапшырдым. Жарым жылдай окуп, кытай тилин жакшы өздөштүрдүм деп айта албайм. Мунун баарын сезип 17 жашымда ата-энемдин колдоосу менен Кытайдын Циян шаарына кеткем. Ата-энем кетип жатканда “Бир жыл убакыт беребиз, бир жыл ичинде өзүңдү тапсаң таптың, болбосо кайра келесиң” деп айтышты. Мындайча айтканда, чек коюп коюшкан. Ушуга байланыштуу ал жакка барганда күнүнө 12 сааттан окучумун. Түшүмө иероглифтер кирип, кытайча түш көрүп калгам. Жанымда жаткандар дагы “Кытайча сүйлөп тажаттың” деп тамашалап калышчу. Аракет кылып жүрүп Кудай Таалам берди окшойт, кытай тилинин деңгээли боюнча 6-деңгээлди өздөштүрүп, Шанхай финансы-экономикалык университетине грант утуп, аны 2014-жылы аяктадым. Кесибим эл аралык бизнес башкаруу болчу. Бирок ачыгын айтсам, 3-курста эл аралык байланыш менин кесибим эмес экенин сездим. Бирок ата-энем СССР учурундагы адамдардан болгондуктан, “Туугандар эмне дейт, бүтүр” деп болбой коюшту. Натыйжада азыр дипломатиялык академияда өз кесибим боюнча окуп жатам.

## Чогулткан акчама Кытайда кафе ачтым

Кытайда жүргөндө котормочу болуп иштедим. Себеби Шанхай өтө эле кымбат шаар. Котормочулар бир күндө 100 доллар табышат. Тапкан акчамды топтоп 2014-жылы ал жактагы досторубуз менен Шанхайга биринчи кыргыздар кафесин ачтык. Аябай сыймыктангanбыз. Кафебиз кичинекей, эки кабаттык имарат болчу. Кечинде полун жууп жатып өзүнчө эле “Кафебиз бар” деп сүйүнө берчүмүн. Бирок тилекке каршы, 2015-жылы жаптык. Шериктеш эки досумдун көйгөйлөрү чыкты. Мен дагы апамдын ден-соолугуна байланыштуу 2014-жылдын жарымында Бишкекке келүүгө туура келди. “Апам ооруп жатса мага байлыктын эмне кереги бар?" деп бул жакка келе бердим. Өтө эле үлгүлүү баламын деп айта албайм, бирок апамдын жанында болгонго аракет кылам.



## Кытайлык студенттер панар менен китеп окуп жатыптыр

Алгач, Кытай десе Джеки Чан, Брюс Лини элестетип келген болчумун. Циян өзү өтө деле өнүкпөгөн шаар. Келгенде эле эл көп экени байкалды. Кытайлар өздөрү дагы “Аба бар жерде кытай бар” деп тамашалашат. Терс жактарын айта кетсем, калк арасында маданиятсыздык орун алган. Өздөрүн таза алып жүрүшпөйт. Жакшы жактары болсо ата-энесине, убакытка кылган мамилелери, иштемандыгы. Бир максатты коюшса жеткенге аябай аракет кылышат. Мисал катары айтып кетсем, бир жолу түнкү саат үчтөрдө жатаканадан чыгып таза аба менен дем алып бара жатсам, көчөдөгү фонардын алдында кытайлык студенттер китеп окуп жатышыптыр. Себеби жатаканада жарык саат 11лерде эле өчөт. Ал жакта окууда атаандаштык күчтүү болгондуктан, эки эсе окуш керек.

Мыйзам жагынан чет өлкөлүктөр ээн-эркин жүрөт. Мыйзамдары иштейт. Алсак, менин мопедимди уурдап кетишкенде милиционерлерге чалсам, мени бөлүмүнө алып барып арыз жаздырып, кайра алып келип коюшкан. Чет өлкөлүктөргө аябай жакшы, сый-урмат менен мамиле кылышат. Кытайда жалпысынан жети жыл жүрдүм. Эми Кыргызстанга келгениме абдан сүйүнөм. Эрте келсем мүмкүн отурукташып калмакмын деп кез-кезде кейип калам. Себеби баары бир келечегимди Кыргызстан менен байланыштырам да.

## Үй-бүлөмдөн алыстап калгам

Көп адамдар менен сүйлөшөм. Алар “Кыргызстанда эмне кылабыз? Чет жерде мүмкүнчүлүктөр көп” деп айтышат. Мени деле Шанхайга чакырышкан. Бирок чет жакта жүрсөң туугандардан алыстап кетесиң. Эң негизгиси Кыргызстандан алыстап кетет экенсиң. Бир жолу үйгө эки жыл келген эмесмин. Ал жакта каражат жагынан көп ийгиликтерге жеткем. Бирок бул жакта үй-бүлө, туугандык жактан артта калыпмын. Ата-энем, иним менен отурганда бөлөк адамдардын арасында калгандай болдум. Мисалы, алардын өзүнчө темалары, тамашалары бар. Азыр кичине аралашып калдым.

## “Kyrgyz Union” уюму өз баламдай болуп калды

Биздин “Kyrgyz Union” уюму 2010-жылы түзүлгөн. 2010-жылкы окуядан кийин түзгөнбүз. Ал учурда биз 19 жаштарда, Кытайда болчубуз. Бул жактагы окуяларды угуп алып ыйлаган күндөр болгон. Анан жөн эле отура бербей “Мамлекетибизге пайда алып келели, биригели” деп кытайда жүрүп уюм түзүп, иш-чараларды өткөрө баштадык. Ал кезде мен Экспо көргөзмөсүндө бекер иштечүмүн. Казакстан, Орусия, Кыргызстандык ишкерлер менен таанышып, визиткаларын алып, аларга котормочу керек болгондо жардам берчүбүз. Биздин уюмга ошол жактан каражат түшүп, система иштей баштады. Биздин кыргыз балдарга котормочулук жумушун таап беребиз. Алар бир күндө жүз доллар алса, он долларын уюмга калтырат. Ошол чогулган каражатка балдар үйүнө жардам бердик, дагы бшка көп иштерди жасадык. Бул уюм эки-үч жыл иштеди. Бирок биз кеткенден кийин балдар иштете албай коюшту. Уюмдун атынан 4-микрорайонго 100 миң сомдук балдар аянтчасын орноттук, марафон өткөрүп турабыз, футбол жаатында иш-чараларды уюштурдук. Андан тышкары, балдар үйүнө, карылар үйүнө отургучтарды коюп жардам бердик. Кыргызстандын жети облусун кыдырып тасма тарткanбыз. Аны чет өлкөлүктөргө көргөзүп, Кыргызстанга туристердин көп келишин камсыздап жатабыз. Шанхайда Кытайдын 14 шаарынан кыргыздарды чогултуп, курултай өткөргөнбүз. Быйыл 7 дубан, 7 континенттен активдүү жаштарды чогултуп Дүйнөлүк жаштардын биринчи курултайын өткөрдүк. Эң негизгиси “Kyrgyz Union” менин жашоом болуп калды.

## Китеп окубасам бузулуп кеткенсийм

Үч жылдан бери сол колум менен жазам. Сол кол менен жазуу кыйынчылык келгенде жол табууга, мээни жакшы иштетүүгө жардам берет. Жакындан бери эки кол менен бир учурда эки башка сөз жазууга аракет кылып жүрөм. Алсак, биз көп нерселерди белгилүү жолдор менен гана кылып көнүп калганбыз. Мен бул нерседен качам. Мисалы, бир жакка бара жатканда унаамды ар башка жолдор менен айдап барам. Кытайга кеткенге чейин кикбокс менен машыктым, ал жакта дзюдо менен шугулдандым. Бирок таймашка чыккан эмесмин, себеби үйдөгүлөр каршы болушкан. Бир айда эң аз дегенде эки китеп, көп болгондо 4 китеп окуганга аракет кылам. Китеп окуп бүткөндө ой пикирлеримди кагазга жазып коём, кээде социалдык тармактарга чыгарып турам. Чыгарганымдын себеби мактануу эмес, башка жаштарга үлгү болсун дейм. Себеби жаштар интернетте олтура берип, китептен алыстап кетишкен. Китеп окубай калсам өзүмдү бузулуп бараткандай сезе берем.

## Апам “Кыргыздын уулу бол” деген

Жөнөкөй учурларда атам көп акыл-насат айта бербейт. Кытайга кетеримде “Башыңды иштет, өз тагдырың өз колуңда” деген. Ата-энеме абдан ыраазымын. Бүт мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берип, андан ары өзүң аракет кыл деди. Апам болсо “Биздин уул эмес, кыргыздын уулу бол” деген. Коомдук иштерде иштөөгө апамдын ушул сөзү дем берет.

## Кыргызстандан кетким келбейт

Жаштарга тажрыйбасы көп улуу агалар менен сүйлөшкүлө дейт элем. Өзүнө руханий жактан туура келген улууларды тандап алып, алар менен тыгыз байланышта болуу керек. Социалдык тармактарда көп олтурбай, адамдар менен таанышуу керек. Ар кайда иштеп, өзүңөрдү издеп көргүлө. Себеби жашоодо эң негизги нерсе – адам өзүн табышы керек. Азыр мени Шанхайга чакырып жатышат. Түшүмө дагы Шанхай кирет, бирок коркунучтуу түш сыяктуу чочуп ойгонуп кетип жатам. Ал жакка барсам кайра баарын башынан баштаышым керек. Ошондуктан мен Кыргызстандан кетким келбейт.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



Сүрөт ▸ РИА новости

# Өгөйлөшүп бара жаткан өз өлкө

Москвадагы ээн кейиткен окуядан кийин миграция маселеси элдин көңүл чордонуна кайра жайгашты. Элдин арасында эң биринчи кезекте өзүн күнөөлөгөн адамдардын арбын болуусу үмүт берет. Ооба, бул маселеде өкмөт, коом, үй-бүлө жана ар бир инсан өзүнө жараша милдет алып, өз катасынан сабак алуусу керек

## Эл тагдырынын түсүн өзгөрткөн окуя

Өкүнүчтүүсү – кыргыз жарандарынын бөтөн жерде массалык түрдө кырсыкка учураганы токтоосуз кайталанууда. Москва шаарынын жеке менчик басмаканасында 70тей кыргыз жараны иштеген. Буйрутма көп болгондуктан, басмакана күнү-түнү иштеп жаткан. Басмакананын ичи күңүрт болгондуктан күн-түн дебей, «дневной» аттуу түтүк лампалары жанып турар эле. Жакшы жарык бериш үчүн кожоюн үч метрлик лампа койдурган. Ошонун бири жарылып кетип, сыр-боёк ширелген кагаздарга чачырап, дароо тутанып кеткен. Чогуу иштегенине карабай, кайдыгерлик жана жектөө сезимине ныксыраган неме түтүн жыттанган тарапты бир карап, кыргыз кыздарга «өрт чыкты» деп койбой аста жылып чыга берди. Бир аз убакыт өтпөй эле чатыраган от кыздарыбыздын жолун биротоло бөгөп салды. Уу түтүндөн байкоосуздан бир-эки дем алып жиберген карындаштарыбыз биринин артынан бири жыгыла баштады. Алар турган бөлмөнүн дубалын талкалап киришкенде тирүү калган адам аз эле... Тойдон-тойго өтүп, ныксыраган мекенине кыздардын жансыз денелери кеч курун учуп келип, үйлөрүнө тарады.

25 жылдыгын белгилөөгө даярданып жаткан калкыбыздын көңүлү бөтөн жерге темселөөгө мажбур болгон жарандарыбызга бурулду. Бул кайгылуу окуя Кыргызстандын юбилейине өзгөчө түс берип, коомдогу орду кандай болбосун ар бир жаранды өзү менен өзү эсептешүүгө түрткү берди. Албетте, эл мындай окуялар болгондо бийлигинен жана элитасынан өзгөчө мамиле күтөт. Эгер калктын төрүндө орун алган адамдар макамы талап кылган жоопкерчиликке татыктуу болсо, мындай окуяларга көбүрөөк көңүл буруп, аларга себеп болгон маселелерди чечкенге аракет кылышат.

## Өз мээнетин кымбатыраак сатам деп...

Азыр көп суроолорго жооп издечү маал келди. «Миграция деген эмне? Дүйнөдө бул нерсеге кандай карашат? Эмне себептен адамдар өз мекенинен кетет?» – деген сыяктуу суроолорго жооп бербесек, биз туура натыйжа чыгарып, туура багыт ала албайбыз. Демек, азыр бул маселе боюнча журналисттик иликтөөлөрдү жүргүзүп, калкты башкарып жаткандардан баштап, жеке арбайын соккондордон бери ойлонуп, туура бүтүм чыгаруу мөөнөтү келди.

Белгилүү себептерге байланыштуу өз мекенинен түртүлүп чыгарылган, же башка жерлер өзгөчө мүмкүнчүлүгү менен тартып алган калктын жер которуусу миграция деп аталып келет. Согуш, өлкөдөгү саясий туруксуздуктан улам күчөгөн куугунтук жана табигый апааттар калктын массалык түрдө өз мекенинен бозуусуна негизги себеп болууда. Жашоо-турмушун оңдоп алуу максатында өз күчүн жогорураак баага сатуу аракети туруктуу миграциянын негизги себеби делет. Бул кара курсагын тойгузуп, балдарынын келечегин камсыздоо үчүн жер которуу калктын эң активдүү жана перспективдүү катмарын, көркөмдөп айтканда, жердин кыртышын өлкөдөн жууп чыгарат.

Кыргызстандын канча тургуну өз мекенинен сыртта жашаганга мажбур экенин дүйнө менен салыштырсак жакшыраак сезилет. Мигранттар дүйнө калкынын үч пайызын түзөт. Алты миллиондук кыргыз калкынын бир миллиондон ашыгы миграцияда болсо, демек, бул элдин 20%га жакыны бозуп жүрөт дегенди билдирет. Миграцияны изилдеген окумуштуулардын изилдөө натыйжалары биз үчүн коркунучтуу. Аз өлчөмдөгү миграция калктын бир бөлүгүнөн айрылган жана аларды кабыл алган тарапка бир аз пайдалуу болушу мүмкүн. Бирок калктын олуттуу бөлүгү жер которо баштаса бул чоң саясий, экономикалык жана социалдык туруксуздук жана жоготууларга алып келет экен. Кыргызстанда айтылган кесепеттер чекеден чыга баштады. Булар – ата-энесинен алыстаган балдардын психикалык жабыркоо менен чоңоюусу, үй-бүлөлөрдүн талкалануусу, кесипкөйлөрдүн жоктугунан мамлекеттик мекемелер менен жеке менчик ишканалардын аксоосу, чек аранын калксыз калуусу ж.б.у.с.

## Билимди каржылоо – эң пайдалуу инвестиция

Дүйнөдөгү теңсиздикти изилдеген француз экономисти Томас Пикеттинин «XXI кылымдагы капитализм» деген китебинде биз зар какшаган сырткы инвестиция менен карапайым калкка жумшалган каражат тууралуу кызыктуу фактылар бар. Т.Пикетти китебинде: «Өнүккөн өлкөлөрдүн деңгээлине жеткен Жапония, Түштүк Корея, Тайвань жана Кытай үстөккө-босток сырттан инвестиция алган эмес. Бул мамлекеттер керек болгон тармактарга ичтен инвестиция табышкан. Эң көп каражатты инсандык капиталга жумшашкан. Өз элинин билими менен тажрыйбасын арттырган. Бардык заманбап изилдөөлөр дал ушундай саясат бул өлкөлөрдүн туруктуу экономикалык өсүүсүн шарттаганын тастыктап келет. Инвестиция аркылуу экономикалык мүмкүндүктөрү чет өлкөлүктөргө өтүп кеткен региондор, мисалы Африка чеке жылыштарлык натыйжага жеткен эмес. Баарынан кызыгы, капиталдан түшкөн кирешенин өлкөдөн чыгып кетүүсү эл аралык жардамдардан үч эсе көп. Демек, жакыр өлкөлөр технологиясын, калкынын жөндөмү менен билимин арттырып гана өнүккөн мамлекеттерге жете алат. Ошондуктан калкынын билимине ири каражат жумшай алган институттарды негиздеп, экономикалык оюнчуларга туруктуу укуктук рамкаларды камсыздаганда гана өлкө илгерилейт. Мунун баары легитимдүү жана эффективдүү мамлекеттик бийликке байланыштуу», – деген корутунду берген.

## Суудай аккан акчага муунубузду агыздык

Миграция өтө опурталдуу көйгөй экенин билген дүйнөлүк элита аны терең изилдөөгө өттү. Мындай тобокелчиликке калктын эң активдүү жана күчтүү катмары барары жашыруун эмес. Бул жагынан кыргыз жаштарынын тең жарымы чет өлкөгө кетти дегендик. Алардын бир чыгып кеткен соң кайра кайтып келүүсү чоң маселе. Кеткен муун кайтканга аракеттениши мүмкүн, бирок андан кийинки муун дээрлик кайтпайт. Эки тарапка ажыраган үй-бүлөнүн балдары ата-эне мээриминен куру калгандыктан, акылга сыйбаган кылмыштарга бара баштаганы маалым. Чек араларда жана башка диаспоралар жашаган жерде титулдук улуттун азаюусу өлкөнүн коомдук-саясий туруксуздукка түртөт.

Биздин Орусия жана Казакстанга көчкөн мигранттардын дүйнөлүк стандарттарга караганда оор шарттарда калып жатканы баарыбызга маалым. Муну жалпыга маалымдоо каражаттарынан сырткары, өз бир тууган, дос-тааныштар аркылуу жакшы билебиз. Мунун айынан жылына 200дөн ашык жараныбыздын сөөгү кайтып келип жатканы да белгилүү. Өнөктөш өлкөлөр экономикалык бакыбаттуулукка тунуп турган кезде ал жактан которулган каражаттарга сүйүнүп турат элек. Бирок ошол эле маалда бул акчанын көбүнө товар алынып, каражат кайра эле Кытайга, же Түркияга чыгып кетип атканын да билчүбүз.

## «Знайте придурки!!!»


«Придурок» деген сөз жиндиге эмес жиндиленгенге айтылат. Ичи ачышкан карындашыбыз бул сөздү «коррупционерлер» деген сөз менен бирге айтты. Жиндиленген коррупционер бул аткарылбаган, же чала аткарган милдети үчүн акча талап кылган арам тамак. Аны алыстан издебей күзгүнү карасак даана тааныйбыз. Коом, эл өкүлдөрү, өкмөт, ата-эне жана жеке инсан. Ким болсок да милдетибизди чала аткарып, жиндиленип акы доолайбыз. Ошон үчүн кыздарыбыз ээн талаа, эрме чөлдө алардын урпактарынан алган кредитибиздин пайызын төлөй албай жан берип келе жатат.

Саресеп гезитинин аналитикалык тобу

# Миллионду олжологон Талас командасы

25-августтан тарта ордо калаабыздагы Аккула ат майданында көптөн күткөн көк бөрү оюндары старт алды. Жылдагыдай эле оюнду көрүү үчүн төгөрөктүн төрт тарабынан агылып келген күйөрмандарды тосуп алган ат майданында улак ышкыбоздорунун черин жазган кайталангыс кызык оюндар болуп өттү





Быйылкы Президенттик кубок үчүн күрөшкө «Достук», «Талас», «Арашан», «Сары-Өзөн», «Ысык-Көл», «Бөрүлү», «Көк-Жал», «Сокулук», «Илбирс», «Ак-Суу», «Ысык-Ата», «Төш булак» командалары ат салышты. 25-августта старт алган оюндар жалпысынан төмөндөгүдөй жыйынтыктар менен аяктады:

**25.08.2015**
«Талас» – «Төш булак» – 20:4
«Ысык-Ата» – «Бөрүлү» – 0:5
«Достук» – «Ак-Суу» – 21:1
«Сары-Өзөн» – «Илбирс» – 17:3
**26.08.2016**
«Талас» – «Көк-Жал» – 10–2
«Бөрүлү» – «Арашан» – 0:1
«Достук» – «Ысык-Көл» – 17–3
«Сары-Өзөн» – «Сокулук (МВД)» 2–1
**27.08.16.**
«Көк-жал» – «Төш булак» – 8:2
«Арашан – «Ысык-Ата» – 11:1
«Ак-Суу» – «Ысык-Көл» – 10:7
«Сокулук» – «Илбирс» – 16:1

## 29-август - жарым финал

29-августта өткөн жарым финалдык оюндар жалпысынан мыкты деңгээлде өттү десек болот. Алгач «Талас» жана «Арашан» командаларынын ортосунда өткөн оюн көпчүлүк ойлогондой эле «Талас» командасынын пайдасына чечилди. Оюн башталган алгачкы 30-секундда атаандашынын тайказанына улак салып үлгүргөн «Талас» командасынын оюнчулары эсеп тактасына биринчилерден болуп аттарын жазуу менен баштан аяк оюнда үстөмдүк кылып турду. Анткени менен «Арашан» командасы жаңы түптөлгөнүнө карабай, атактуу атаандашы «Талас» командасына ири эсепте утулган жок, 13:9 эсебинде аяктаган оюн «Арашан» командасы да оңой эмес оюн көргөзгөнүн тастыктайт. Ушул жерден кезегинде атактуу «Кабыланда» ойноп кеткен «Арашан» командасынын оюнчусу Михаил Рабоев кужүрмөн курамда лидер болуп, кыжылдаган додону жарып чыгып жалпысынан 5 улакты атаандашынын тайказанына таштоо менен бул күндүн каарманы болуп көк бөрү сүйүүчүлөрдүн сүймөнчүгүнө айланды десек болот.

Кезектеги кийинки оюн «Достук» жана «Сары-Өзөн» командаларынын ортосунда жүрүп, 9:1 эсебинде аяктаган оюн айтылуу «Достук» командасынын пайдасына чечилди. Бул жерде калыстык үчүн «Сары-Өзөн» командасынын курамындагы негизги оюнчулары менен аргымактары Көчмөндөр оюнуна даярдыкта жүргөндүктөн команда жардамчы аргымактары жана жаңыдан телчигип келаткан жаш оюнчулары менен чыгып, атактуу атаандашы «Достуктун» оюнчулары менен буудандарына туруштук берип, теңтайлашууга мүмкүнчүлүктөрү болбогондугун белгилеп кетүү керек. Аз оюнчу менен чыкса дагы атактуу «Сары-Өзөн» салтты бузбай 3–4-орунга чыгышы бул өзү чоң жетишкендик болду. Албетте «Достук» командасынын бул күнкү жеңиши күйөрмандарын чоң кубанычка бөлөп, командасынын кийинки ийгилигине болгон ишенимдерин бекемдегендей болду.

## Бөрүлүдөн үмүт чоң

Бул күнкү 5–6-орун үчүн болгон акыркы оюн «Сокулук» жана «Бөрүлү» командаларынын ортосунда болуп өтүп, 8:0 эсебинде аяктаган оюн «Сокулук» командасынын пайдасына чечилди. Мурда «МВД» азыр «Сокулук» деген жаңы ат менен чыгып жаткан команданын бул ийгилиги курамдын келечеги кеңдигинен кабар берет. Бир кездери эзели жеңилүү деген эмне экендигин билбеген легендарлуу «Бөрүлү» командасынын акыркы кездери алсырап кетиши күйөрмандарын кейитпей койгон жок. Убагында «Бөрүлү» командасынын ойноо тактикасына бир да команда туруштук бере албагандыгын эске алганда, карт тарыхы бар команда бир күнү болбосо да бир күнү өзүнүн жылдыздуу сааттарын кайрып алат деген үмүт оту ар бир күйөрманында бар.

## Мыктынын мыктысы билинет

Ошентип бул күнкү жыйынтыктар финалда кимдер алдыңкы 4 орун үчүн ат салышарын аныктап берди. 31-августта 3–4-орун үчүн «Арашан» жана «Сары-Өзөн» командалары беттешет. Көпчүлүк демин ичине катып күткөн финалдык оюн «Талас» жана «Достук» командаларынын ортосунда болмокчу. «Достук» командасы спорттук калыбына келип турса, «Талас» командасы канчалык дымактуу экендиги жалпыга маалым. «Достуктун» күйөрмандары командасынын жеңишине ишеними күч болсо, «Таласка» жан тарткандар өткөнкү өчүн финалда алат деген ишенимде. Ортодо оюндун куну болуп көрбөгөндөй кымбат болуп, бири-бирине шайма-шай келген эки команда күйөрмандарына кызык оюн тартуулары талашсыз. Оомат кайсы командага оору, күч ченеми, мыктынын мыктысы майдан талаасында билинет.

## 31-август «Арашан» татыктуу таймашты

Көптөн күткөн финалдык оюндардын да кезеги келип жалпы улак ышкыбоздору бул күнү ат майданга агылдып келди. Алгач «Арашан» жана «Сары-Өзөн» командаларынын ортосунда 3–4-орундар үчүн болгон беттеш баштан-аягына чейин кызуу маанайда өтүп, командалар сапаттуу оюн көргөздү. 2:1 эсебинде «Сары-Өзөндүн» пайдасына чечилген оюнда «Арашан» командасы атаандашы «Сары-Өзөнгө» мыкты каршылык көргөзүү менен татыктуу түрдө 4-орунду алды. Ал эми «Сары-Өзөн» бул ирет 3-орунду камсыз кылып, 250 миң сом байге менен сыйланды.

## Биринчи мөөнөт тең-тең

Бул күнү ат майданга «Талас» жана «Достук» командаларынын сүрөөнчүлөрү агылып келгени сүйүктүү командаларын бар алынча сүрөп жатканынан байкалып турду. Ошентип күйөрмандар чыдамсыздык менен күткөн миллиондук беттеш да башталды. Бири-бирине шайма-шай келген «Талас» жана «Достук» командаларынын ортосунда өткөн оюн алгачкы мүнөттөн тартып эле курч мүнөздө жүрүп жатты. Оюндун биринчи мөөнөтүндө эле «Талас» командасы активдүү чабуул коюп жатканы байкалып турду. Бирок атактуу «Достук» командасы да атаандаштарына өжөрлөнө каршылык көргөзүү менен тайказынына улак салдырган жок.

## Кызыктын баары 2-мөөнөттө башталды

Кызыктын баары экинчи мөөнөттө башталды. Калыстын ышкырыгы жаңырып оюн башталаар замат «Достук» командасынын оюнчусу Кыяз Ниязов «Талас» командасына чабуул коюп, эсеп тактасына биринчи болуп атын жазды. «Талас» командасы каршылашынын бул соккусуна үстөккө-босток эки улак салуу менен жооп берди. Оюндун акыркы чечүүчү мөөнөтүндө «Достук» командасы канчалык активдүү аракет көрсө дагы «Талас» командасы мыкты коргонуп, эсепти теңөөгө мүмкүнчүлүк берген жок. Жалпысынан 3:1 эсебинде жыйынтыкталган оюнда «Талас» командасы быйылкы Президенттик кубоктун жеңүүчүсү болуп табылды.

## Үчүнчү ирет чемпиондук

«Көк бөрү» федерациясы тарабынан бул турнирдин чемпиону болгон «Талас» командасына 1 миллион сом ыйгарылса, 2-орунду татыктуу түрдө олжологон «Достук» командасы 500 миң сом сыйлык байге менен сыйланды. Жалпысынан 3 жыл катары менен Президенттик кубокту уткан «Талас» командасы өздөрүнүн намыскөй команда экенин атаандаштарына тастыктап бере алды. Ал эми «Достук» командасы ар бир оюнда кетирген катачылыгын оңдоп, талбай машыгууну улантса балким кийинки кубокту сөзсүз энчисине басаары талашсыз. Жалпысынан быйылкы Президенттик кубок үчүн өткөрүлгөн оюндарда командалар көк бөрү күйөрмандарынын черин жазган кызыктуу оюн көргөзүп беришти.

РАХАТ АКМАТОВА

# Алар өлүп өлүшсө, мен тирүүлөй өлдүм

Бул апта биздин өлкө үчүн кайгылуу окуялар менен башталды. Чүрөктөй болгон эже-карындаштабыыздын минтип бөөдө кырсыкка кабылып кете бериши бир тең болсо, бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөнү, биздин эч кандай жардам бере албай кала бергенибиз бир тең болду, түшүнгөн адамга. Эмне дейбиз, ыймандары саламат болуп, жаткан жерлери жайлуу болсун, бир боорлорубуз...



## Абийир алдында жүзүңөр жарык!

Эмесе а дегенде эле рубрикабызды белгилүү аалым Чубак ажы Жалиловдун салмактуу сөзүнө орун берүү менен баштасак:

"Бисмиллаахир рохмаанир рохиим.

Алла Таалага мактоолор, Пайгамбарыбыз Мухаммад алайхис саламга салам салаваттар болсун!

Москвадагы жагымсыз окуяда курман болгон баатыр кыздарыбыздын үй-бүлөлөрүнө көңүл айтууну өзүмө эп көргөн жокмун. А түгүл өзүм, мага, ким көңүл айтаар экен кыязында эс-мас болуп жүргөнүмдү андадым.

Адатта молдо калкы башкалардан айырмаланып өлүм маселесин кадимкидей эле кабыл алат эмеспи. Анткени, өлүү бул төрөлүүнүн этеги, ал эми төрөлүү өлүүнүн төрү экендиги акыйкат. Бул акыйкат диндар коомчулукка ого бетер маалым. Бирок, ошого карабастан, бир нерсе сүйлөйүн десем эле буулугуп, баа деп бакырып, аза-өкүттүн өкүргүн өкүрүп ийчүдөй абалда жүрдүм.

Менин азыр айтайын дегеним башка. Баатыр деп айтып жаткан, бир аз туруп шейит деп атай турган карындаш-кыздарыма өзөгүм өрттөнүп Куран окутканым, кыргыз салты менен жер дүңгүрөтүп өкүрүп барганым болсун деп, анан калса аларды талаалатып жем издетип жибергендердин катарына өзүмдү кошуп, уялгандан өлбөгөн төрт шыйрагым калып, намыс өлтүрүп, алар – насип кылса бейиши - өлүп өлүшсө, а мен тирүүлөй өлүп, өлүүнүн тирүүсү катары бугумду чыгарганым, өзүмө жана боордошторума кайрат айтканым болсун деп жазып жатам.

Аялзаты аруу зат болгондуктан, аялуу болгондуктан аларды канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай багуу эркектердин жумушу. Аялзатын адегенде атасы менен агасы, турмушка чыккандан кийин күйөөсү менен баласы, такыр болбой калганда жашап жаткан калаасы багууга милдеттүү. Багары жок калганда аялзаты болгондугу үчүн атайын маяна каралуусу да карыз.

Аттиң ай, андай болбой калганда, аялзаты аргасыздан өзүн багууга бел байлайт, эрге ишенгиче, босогого каккан эки казыгыңа ишен деп талаалайт. Ишенген кожосу сууга акса алды артынан тал кармайт.

Жан бакмак парз. Жер кыдырып, эл аралап чачылган жеринен ырыскыны термек бар. Кудай Таалам Куранда айткан сөзүнүн маанисинде айтылат: "Жараткан жалгыз Өзү силерге жер бетин жайлуу кылып, жайгашууңарга ылайыктады! Жер жүзүнүн чар тарабын кыдырып, ырыскыңарды издегиле! Жерден чыгарып берген ырыскыңарды терип жегиле! Эсеп-кысап берүүңөр үчүн Алла Тааланын алдына барасыңар!". (Мүлк:15)

Силер, эрлер аткарбаган баатырлыкты, парзды аткарып жүрүп кеттиңер чын дүйнөгө.... Журт астында жүзүңөр жарык... !

Имам Ахмад, имам Абу Дауд жана имам Насаайи риваят кылган хадисте, азирети Жабир бин Ьатик Пайгамбарыбыз алайхис саламдын "күйүп маркум болгон адам шейит болгондордун катарында экенин" баяндаган кебин келтирет.

Силер шейит өкүмүндө кеттиңер чын дүйнөгө... Кудай астында жүзүңөр жарык...

Имам Абу Яьлаа даьииф иснад менен риваяттаган хадисте Пайгамбарыбыз алайхис салам айтат: "Чоочун жерде, бөтөн элде мусаапырчылык абалда каза болгондор да шейит өкүмүндө".

Силер бөтөн жерде, мусаапырчылык абалда кеттиңер чын дүйнөгө. Абийир астында жүзүңөр жарык!

Кудай Таалам бейиштен орун берсин! Пендечилик кылып кетирген күнөөлөр болсо кечирсин. Ата-энелерге, бир туугандарга Кудай Таалам сабырдуулук белек берсин! Омийин! Бирохматика яаа архамар роохимиин!

Бир тууганыңар Чубак ажы.... "

Дүйшөмбү, 29-Август 2016-ж. Бишкек.

## Кайсы арыбызга майрамдайбыз!

Аида Сальянова эжебиз болсо өзүнүн баракчасына төмөнкүдөй пикирин калтырган:

«Ой, аза күнүн жарыяласаңар боло!!! Муну кечээ эле жазайын дегем. Бирок менин демилгемди жеринен көрө албагандар мен айткандан кийин даана жарыялабай коюшабы деп да айламды таппай отурам. Үч күндүк аза күнүн жарыялагыла болду! Эгемендик майрамын таштагыла нары! Көчмөндөр оюнун да таштагыла!

Кайсы арыбызга майрамдайбыз!!!

Каза болгон жарандарыбыздын жакындарына көңүл айтам!

Кайрат кылыңыздар!»

## Элчиликтин жасаган ишин уга элекмин

Ал эми ошол күнү ошол жерде болгон мекендештерибизден Майрам Туралиева аттуу айым Москвадагы элчиге жана жалпы эле атка минерлерге наразычылыгын минтип билдирди:

«Баш кесмек бар, тил кесмек жок! Каза болгон кыздарыбыз менен кошо иштеген тиги тантык орус аялды да жоопко тартуу керек. «За моральное оскорбление погибиших наших солнышек". Элчинин колду куушуруп алып, «Биздин колдон эч нерсе келбейт", - дегени жанымды кашайтты. Эмнеге эч нерсе келбейт? Биз берчү суроону берип жатсак, жан-жөкөрү келип алып жаныбызда турган жигиттердин оозун жаап жатат, акмак! Чоң атабызга берелиби анда «сен» чече турган маселени? Ой келесоо атка минерлер! Чирип бүттүңөр го отурган жериңерде отура берип ! Бергиле жаштарга ордуңарды! Мен Отунбаев элчинин бир да сөзүнө ынана албадым! Ичимде турган сөздү жашырууну туура көрбөдүм. Жан-жөкөрлөрү жанын алып элдин оозун жапкыдай кимсиңер?! Эгемберди аке токтоолука чакырган үчүн тынчтанып калышты. Болбосо сенин да абийириң кетмек! Ушул убакка чейин Москвада элчиликтин жасаган ишин көрүп, уга элекмин. Диаспора аракет кылганы менен башында отурган элчи сенден эч нерсе көрө элекпиз! Эмне үчүн ушул убакка чейин бечара калк жапа чегиш керек сага окшогондордон?! Мага кызыгы жок сенин кимдигиң! Балким эмоцияга алдырды дейсиңер! Бирок ошончо элдин алдында өзү далдырап баркын кетирди. Акылдуу адамга түшүнүктүү эле болду. Сен өзүңдүн гана баркыңды төмөн түшүрдүң! «Биздин колдон келбейт, биз эч нерсе кыла албайбыз», - дегениң эмнең, тооба?! Биздин элдин, улуттун баркын сага окшогон ысык ордун жоготкусу келбеген төбөлдөр түшүрдү, эсиңде болсун!»

## Адистен ашкан азаматтар

Айтмакчы, ошол кырсык болгон күнкү Орусиянын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине (ӨКМ) караштуу Өрт өчүрүү кызматынын кылган ишине, куткаруучуларынын шалаакылыгына наразы болгондор өтө көп. Ал тургай алардын мындай бoштугунан улам катардагы жарандар ишке киришип, 4 адамды өрттөн сууруп чыгууга жетишкен. Мына ошол жигиттер тууралуу Орусиядагы «Кыргыз биримдиги» кыймылынын жетекчиси Улан Кошматов мындай пикирин билдирген:

«ӨКМнын Өрт өчүрүү кызматкерлери өрттөнүп жаткан жерди кантип өчүрүп, кантип өрттөнүп жаткан жарандары сактайбыз деп ойлонуп турганча, бир орус жана 5 кыргыз жигит өз жандарын аябай 4-кабаттан шаты коюп, акыбалдары жеткен жерден биздин карындаштарды алып чыгуга чоң салым кошуп, 3-4 адамды сактап калышкан. Алар азыркы учурда ооруканада жатышат. Бир карындашыбыз тез жардамда баратып каза болгон. Мына ошондуктан адам өмүрүн сактап калган Эр-Азамат жигиттерибизге мамлекет тарабынан сыйлык тапшырылышы керек! Биздин баатыр жигиттерибизди Жараткан колдоп, даражалары бийик болсун, Оомийн!»

## Жүк-200

*Жүк-200... Жүз? Эки жүз? Мүмкүн миң,*
*Каргыш тийгир, сен канчанчы табытсың?!*
*Кимдин азыр чарт айрылып күлкүсү,*
*Кимге өчтү жанып турган жарык Күн?*

*Ушул жерге кан сураган, жан алган,*
*Кандай максат сени апкелди жетелеп?*
*Камгагым ай, калдаландап шамаалдан,*
*Көчөтүм ай, көөнө бакка көчө элек...*

*Ким элең сен? Атасыңбы? Энесин,*
*Же баласың үйдө жалгыз чырактай...*
*Кимдин азыр өрттөп жатат денесин,*
*Тирүү калган айыбы өзүн чыдатпай?*

*Тирүү калган... Сени тирүү билгендер*
*Эзет өзүн, эчен жылдар эсин жейт...*
*Сени апкелген кул жолдордо бул жерге*
*Сен апкеткен жолдор эми кечирбейт!*

*Эл бийлигин бектин, байдын, жакшынын,*
*Катасы-сен, бирок алар билишпейт.*
*... Өз кайгысын көрбөгөндөр бактылуу.*
*Төмөн турган төмөндүктү бийик дейт...*

*Жүк-200... Жүз? Эки жүз? Мүмкүн миң,*
*Каргыш тийгир, сен канчанчы табытсың?!*
*Кимдин азыр чарт айрылып күлкүсү,*
*Кимге өчтү жанып турган жарык Күн?*

**Ырдын автору:**
**Нарсулуу Гургубаева**

# Дене тарбия мугалими 1 айда информатик болгон

Ошентип жайкы каникул да соңуна чыгып, алдыда жаркын келечекке багыт алган бүтүрүүчү класстардын жоопкерчиликтүү мезгили келип жетти. Мектепте алган билимдерин бышыктап-тактап, окуу жылдын аягында боло турган ЖРТ сынактарына даярдануу кандай боло тургандыгы тууралуу Улуттук компьютердик гимназиянын окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Жеңиш уулу Азим менен маектешип кайттык



## 15-16 жылдан бери ЖРТ Кыргызстанда

Жалпы Республикалык Тестирлөө (ЖРТ) Кыргызстанга 2000-жылдардын башында Американын "Accels" программасынын алкагында келген. Алгачкы 2000-2001-жылдары "ACCELS" Кыргызстанга беш жылдык убакытка бул программаны жайылтууну көздөгөн. 1996-97-жылы дүйнөлүк "ПИСА", "ТИМС" аттуу иликтөөчү, изилдөөчү эл аралык уюмдар Кыргызстанда да өз ишмердүүлүктөрүн баштаган. "Писа" 11-14 жашка чейинки мектеп окуучуларынын интеллектуалдык деңгээлин, балдардын турмушка болгон интеллектуалдык даярдыгын текшерген институт болуп эсептелет . Ал эми "ТИМС" окуучулардын математикалык пайдубалын текшере турган институт. "ПИСА" 1996-97-жылдары иликтөөгө алган 58 мамлекеттин ичине Кыргызстан да кирген. Иликтөөнүн натыйжасында Кыргызстан билим берүү сапаты боюнча эң акыркы орунга ээ болгон. Ошондон тартып билим берүү тармагында реформа жүргүзүү, билим берүү тармагынын стандарттарын кайрадан карап чыгуу деген маселелер жаралган. Бул ошол учурда пайда болгон долбоор. Ошентип ЖРТнын Кыргызстанда иштеп жатканына 15-16 жылдын жүзү болду. Билим берүү тармагында балдардын турмушка болгон даярдыгын текшерүү биринчи максаты болсо, экинчиси - постсоветтик мамлекеттерде мектептердин программасы менен жогорку окуу жайлардын программасын байланыштыруу, системалаштыруу максатын көздөгөн. Көпчүлүк убакта байкасак, билим берүү тармагында мектеп өзүнчө, орто окуу жайлар өзүнчө, жогорку окуу жай өзүнчө эшелон болуп калган. Буларды бир системага чиркесек, билим берүү жаатында жогорку ырааттуулук болмок.

## ЖРТ – милдеттүү норматив

ЖРТ Кыргызстандагы ишмердүүлүгүнүн 6-7-жылдарында терс резонанстарды пайда кылган. Себеби ЖРТнын суроолоруна мектеп программасындагы эмес, таптакыр башка суроолор киргизилген. Бала мектеп программасын окуйт. Ал милдеттүү нормативдик документ болуп эсептелет. Бирок ал мектепти бүтүп, аттестатын алып ЖОЖго тапшырарда ЖРТны киргизе салып отурабыз. Окуучу алган билиминин негизинде окууга тапшырат да. Ал эми ЖРТда мектеп программасында жок суроолор берилет. Бирок, олимпиадада деле окуучуларга өтүлбөгөн, жогорку деңгээлдеги суроолор берилип жатпайбы. Мындай абал бул программанын иштөө мезгилинин алгачкы этаптарында окуучулардын арасында да, ата-энелердин арасында да чочулоо жаратса, барган сайын кадыресе көрүнүш болуп калды. Алгач ЖРТнын суроолору окуучуларга өтө эле өөн учурачу. Мектеп менен жогорку окуу жайдын ортосунда эч кандай байланыш жоктой сезилген. Негизи, билим берүүнүн жыйынтыгын текшере алган компетенттүү билим борбору болуш керек эле. Бул эми билим берүү тармагы интеграцияланышы керек деген талапка алып барат. Мектеп окуучулары, мектептеги педагогдор, ата-энелер бул программа мамлекеттин талабы, нормативи болгондон кийин ага өзгөчө мамиле жасап, алдыга умтулуп, сезирик жасашы керек. Кыргызстандын облустарында балдарды ЖРТга даярдаган атайы окуу борборлору ачылып жатат. Бишкекте "Secom" бар, "Илбирсте" да окуучуларды даярдаган окуу борборлору бар. Алар атайын мектеп окуучулары үчүн ЖРТга даярдоо курстарын өткөзүп жатат. "Билим берүү тармагында биз башкача тестирлөө жүргүзөлү" деп, Орусия өзү "Бирдиктүү мамлекеттик сынак" (Единый государственный экзамен) дегенди киргизип жатат. Биз да ошого барышыбыз керек, себеби Орто Азия мамлекеттеринин, Казакстандын да булар менен тыгыз байланышы бар. АКСЕЛС программасы бүткөндөн кийин акыркы беш жылдан бери ЖРТ боюнча ишти Билимди жана усулдарды баалоо борбору (БУББ) алпарып, Инна Валикова жетектеп келет. Тест берүүгө көндүрүү максатында "testing.kg" аттуу сайт ачып койгон. Биз 5-гимназияда да ЖРТга даярдануу жолдорун издеп келебиз. Окуучуларды ЖРТга даярдоо үчүн гимназияга атайын курстарды ачканбыз. Алыс барбайлы, мисалы, бизде былтыр 133 окуучу мектепти бүтүрсө, бир окуучубуз 214 упай алды. 180 упайдан өйдө алгандар 8,3%ды түздү. 150дөн 180 упайга чейин алгандар 27,1%ын түзсө, 110дөн 150 упайга чейин алган окуучулар 35,4%ды түзгөн. Акыркы эки жылдан бери ЖРТнын босого упайы 110дон өйдө болуп келе жатат. Ал эми 150дөн 180ге чейинки упайды ЖРТнын жоон ортосу десек болот. 180ден жогорку упайды эң жогорку упай деп эсептейбиз.

## ЖРТ боюнча интернетте бар

Билим берүү министрлиги былтыр жалпы 100 мектепти пилоттук мектеп деп карап чыкты. Алардын көбүнчөсү айыл жергесиндеги мектептер. Учурда интернет деген нерсени бардыгыбыз эле билип калдык окшойт. Айыл жергесиндеги мектептерде да интернет туташкан компьютерлер бар. Шаар болобу, айыл болобу, балдардын дээрлик көпчүлүгү акыркы үлгүдөгү телефон колдонот. Уюлдук тармактардын бардыгында эле "wifi" пайда болду. "Мен иштейм, окуйм" деген дилгир мугалимдер интернет аркылуу эле ЖРТ боюнча маалымат алса болот. Мурда "Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын" деген принцип бар эле. Ал мезгилден эми өтүп кеттик. Байкалбаган менен азыр биздин кесипте чоң атаандаштык бар. Мурдагыдай кадр маселеси боюнча жетишпестиктер азыр байкалбайт. Айыл жергесинде бирөө картайып, же башка себептер менен иштей албай калса, анын ордун басар татыктуу жаш кадрлар иштейбиз деп күтүп турат. Мындан он жыл мурун билим берүү программасынын алкагында Таласка барсак, 1400 мугалим жетишсиз дешкен. Дене тарбия, география мугалими информатика сабагынан бир айлык курска барып келди дегенди укканда аябай кабыргам кайышкан эле. Ал эми азыркы учурда бул бош орундар дээрлик өз кесип ээлерин таап калган десек да болот. Кыргызстандын айрым мектептеринде окуучулардын бирөө да ЖРТнын 110 упайлык босогосунан өтпөй калышын мен ошол жердин көйгөйү деп эсептейт элем. Бул окуучу менен мугалимдин кызыгуусуна гана байланыштуу нерсе. Мисалы, Нарындын жөнөкөй эле айылындагы мектептин 3 бүтүрүүчүсү 200дөн жогору упай алышкан. Бул эмнени билдирет? Демек, бул окуучу менен мугалим иштеп жатат дегенди билдирет. Мугалим өз кесибине профессионалдуу мамиле кылса, окуучу өз келечегине кайдыгер эмес дегенди билдирет. Өлкөнүн экономикасын, коомдук турмушун көтөрүүдө педагогикалык процесстин мааниси абдан зор. Жаш муундун адеп-ахлагын калыптоо менен бирге аларга сапаттуу билим берүү мугалимдин негизги милдети. Эртеңки күндүн келечек ээлерин коомчулук мугалимдерден гана күтөт. Ошондуктан билим берүү тармагында да реформалар башталып келе жатат.

## Үчүнчү чейректе студент болушат

Былтыртан баштап гимназиялык мектептер гуманитардык багыттагы балдарды гана окута баштаса, лицейлер табигый, так илимдерге кызыккан окуучуларды окута баштады. Бирок ошого карабай, биздин бүтүрүүчүлөрүбүздүн 90-95%ы жогорку окуу жайга өттү деген жыйынтык алдык. Бизде жалпысынан окутуунун төрт багыты бар. Химия-биологиялык, физика-математикалык, гуманитардык кыргыз тили, гуманитирдык чет-тилдер багыты боюнча окутуу жүргүзүлөт. Математика сабагы боюнча окуучулардын билим сапаты 68%ды түзсө, физика боюнча орточо 65%ды түзөт. Химия сабагынан 55%, биологиядан 35%. Чет өлкөгө кеткен окуучуларыбыздын саны да аз эмес. Кээ бир балдарыбыз экинчи, үчүнчү чейректе эле студент болуп калган учурлар болот.

Өндүрүш болмоюн өнүгүү болбойт да, бул жагына жалаң так илимдердин басымы күч. Биздин гимназиянын окуучулары акыркы эки-үч жылда физика-математика, химия-биология илимдери боюнча алдыңкы орундарды ээлеп келе жатат. Бул биздин окуу системабыздын туура багытта бараткандыгынан кабар берет.

Биздин мектепте ЖРТга окуучуларды даярдоо боюнча бардык сабактардан мугалим жетиштүү. Жыл өткөн сайын алардын тажрыйбасы артып келет. Жыйынтыктарга караганда мурдагы жылга караганда өсүш бар экени байкалат. Мугалимдер менен бет маңдай отуруп сүйлөшө келгенде аларда окутууга болгон шыктануу пайда болгону көрүнөт. "Былтыр буларды кылганбыз, быйыл буларды кылалы" дегенине нечен ирет күбө болдум.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Өзгөрсө да, өзгөрбөсө да, конституция болбосо да турмуш өтө берет

Конституция боюнча чыныгы кесипкөй, Кыргыз мамлекеттик университетинин конституциялык укук боюнча ага окутуучусу Азамат Борончиев мырза өз ойлору менен бөлүштү

## Конституцияны өзгөртүү керекпи, же жокпу?

Учурдагы Баш мыйзамды өзгөртүү керек. Бирок аны 2020-жылга чейин өзгөртүүнүн оң жана терс жактары бар. Аларды таразага салып көрүү зарыл. Эң жакшысы – 2020-жылга чейин күтүп, эл да, бийлик да «берген убадасына бекем болуу» салтын калыптандырса жакшы болмок. 2020-жылга чейин конституциялык укук тармагынын адистери жазып чыккан долбоорду талкуулай бериш керек эле. Азыр деле өзгөртсө болот. Бирок Баш мыйзамда «300 миң добуш топтоо аркылуу өзгөртүүгө болот» деп жазылганы менен, бул норма боюнча атайын кабыл алынган «Элдик демилге жөнүндө» мыйзам Конституцияны 2020-жылга чейин өзгөртүүгө тыюу салып турбайбы.



## Бир принцип менен президентти ооздуктаса болот

Бизде конституциялык илимге көңүл бурулбагандыктан, эң жөнөкөй юридикалык нормаларды да түшүнбөйбүз. Мисалы, парламенттик башкарууда өкмөт башчысы өлкө башчысынан салмактуураак. Бул салмакты мыйзамдагы контрассигнатура принциби эле аныктап койгон. Ал боюнча премьер-министрдин макулдугусуз президенттин бир да жарлыгы күчүнө кирбейт. Бүттү, президенттин ыйгарым укуктары канча болбосун, премьерге көз каранды болот. Мындан кийин президентти эл түз шайлайбы, же парламент шайлайбы, анын баары кийинки маселе болуп калат. Ажо баары бир өкмөттөн көз каранды болот. Өкмөттү болсо парламент шайлайт. Ошондо формалдуу эмес, реалдуу парламенттик башкаруу ишке аша баштайт. Бул юридика факультетинин 2-курсунда өтүлчү принцип.

## Саясий салт жана мыйзам сакталбаса, баары текке кетет

Баш мыйзамды өзгөртүү демилгеси кылмыш эмес. Сунушталган өзгөртүүлөрдүн бир-экөөсүнөн башкасын өзгөртүүнүн деле кажети жок сыяктуу. Мамлекеттик түзүлүш теориясын жакшы түшүнбөгөндүктөн ушундай долбоор жазылат. Конституция бийликти ажыратуу жана чектөө үчүн кабыл алынат. Заманбап Баш мыйзамдын баары абсолюттук бийликти чектөө үчүн жазылган. Сунушталып жаткан долбоор аркылуу бийлик чектелмек турсун, тетирисинче, белгисиз бирөөлөр бийликти толугу менен колго алууга аракеттенгендей ойго салат. Учурдагы Ажобуз «Жаман президент келип калса эл куурайт» дейт. Толук парламенттик системага өткөндө жаман премьер келип калса кантебиз? Анын мөөнөтү чектелген эмес. Кээ бир адамдар «Президент бийликтин кайсы бутагына кирет?» деп дүрбөп жүрөт. Ал өлкө башчысы. Ар бир мамлекеттин өлкө башчысы болушу керек. Германиянын эч ким теңине албаган жана тааныбаган президентинин ыйгарым укуктары эбегейсиз кенен. Бирок жогоруда айтылган контрассигнатура принциби жана саясий салтка байланыштуу президент майда-чүйдө саясатка аралашпайт. Ошондуктан бизде мыйзамды саясатчы эмес, укукчу жазыш керек. Андан кийин саясатчы демилгелеп, жактап, кабыл ала берсин.



## Конституциялык палатанын укугу чектелген

Биз сабыр кылып күткөндү билбейбиз. Эгер калк бир мыйзамга жана башчыга баш ийип аткан болсо, биз аларды мөөнөтү бүткөнгө чейин сактап калууга аракеттенгенибиз туура болот. Эгер бийлик жүктөлгөн милдеттерин ыйгарым укуктарынан чыкпай ишке ашырганга аракет кылса, анын бийликке кандай жол менен келгени негизги маселе эмес. Биз болсо өзүбүзгө-өзүбүз маселе жаратканга машпыс. Мисалы, кээ бир юристтер "Конституциялык палатада Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлү отурат. Эмне кереги бар мындай макамдын? Бул макамдын бар болуусу эле укук боюнча түшүнүгүбүз тайкы экенин ашкерелеп турат" деп жүрүшөт. Конституциялык палатаны жетекке алууга аракеттенгенибиз аз келгенсип, негизги ыйгарым укугунун бирөөсүн алып салганбыз. Ал – конституциялык нормаларды жоруу деген укук болчу. Бул укукту Конституциялык палатадан алып салып, бардык бийлик бутактары аксап келет. Бир эле мисал. "Тышкы саясатты ким аныктайт?" - деген талаш. Аны өкмөт ишке ашырат экен. Депутаттар «Биз аныктайт элек» деп чыгышты. Ары-бери талашып атып Ажо аныктамай болду. Ушундай маселелерди Конституциялык палата талкуулап, аныктап, анан "Баланча нормативдик актарга мындай өзгөртүү киргизсе болот" деп кеңеш бериши керек эле.

> "Германиянын эч ким теңине албаган жана тааныбаган президентинин ыйгарым укуктары эбегейсиз кенен. Бирок контрассигнатура принциби жана саясий салттан улам президент майда-чүйдө нерселерге аралашпайт"

## Болбогон нерселер үчүн Баш мыйзамга асылышпаса

Конституцияны өзгөртүү долбоору кимге керек экени белгисиз. Мамлекеттин келечегин аныктаган негизги нерселер так мерчемделбесе да божомолдонушу керек. Мен укукчу катары эч кандай жүйөөлүү себеп көрө албай турам. Мен эки гана өзгөрүүнү туура көрүп турам. Коргоо Кеңешинин Коопсуздук Кеңеши деп өзгөртүлгөндүгү жана өкмөт башчысы жергиликтүү аткаруу бийлигинин башчысын өзү дайындайт дегенин. Бирок бул эки беренени деле өзгөртпөй чыдап койсо деле болот. Чынын айтканда, азыр өзгөрбү, 2020-жылы өзгөрбү, же Израилдикиндей талкуудан тажагайда «Баш мыйзамсыз эле жашайлы» десек деле элдин турмушу өтө берет. Маселе дегеле мыйзамдарды сыйлоо жана берилген шерттешмеге бек болууда болуп жатат.

## Баш мыйзамга сый боюнча АКШ менен Орусияны үлгү кылсак болот

Медеткан Шеримкуловдун «Бул беренелердин бар болушу, же жок болушу, же башкача болушу жашоого тоскоол болдубу?» деген сөзү мени эсиме келтирди. Чын эле, укук илиминде мыйзамдын бардыгы иштеши керек деген нерсе жок. Кээ бир беренелер иштебей турса деле болот. Мыйзам, айрыкча кыска жана нуска жазылышы керек болгон Конституцияда «укук боштуктары» болору илимде каралган. Ошол эле Америка Кошмо Штаттарынын Баш мыйзамы эң биринчи жазылган 1787-жылдан бери бир да беренеси өзгөргөн эмес. Керек болсо кулчулук тууралуу беренелери да сакталып турат. Конституциясында каралбаган укук боштуктары 27 түзөтүү менен толукталган. Бирок АКШ эли да, бийлиги да «Биз баш мыйзамыбызды түзүлгөндөн бери өзгөрткөн жокпуз» деп коомдук келишимге сый-урмат кылуусу жана убадага бекем болуусу менен сыймыктана алат. Орусиянын лидери Владимир Путиндин макамы өзгөргөн сайын Баш мыйзамына асылган жок. Өзүнүн жана Конституциясынын абройон сактап кала алды. Бир тамгасын да өзгөрткөн жок. Биз болсо Акаевдин убагында 1994-жылы биринчи өзгөртүүлөрдү киргизип, ошондон бери токтоно албай Баш мыйзамыбыздын ашмалтайын чыгарып бүттүк. Учурдагы бийлик тийишпейт го десек, булар деле эски тырмоокту басканы турат.

## Ажобуз азыркы Баш мыйзам менен деле бийлесе болот

Ажобуз Ливиядагыдай жамахирия формасына өтөм дегенде деле Баш мыйзамды өзгөртпөй эле койсо болот. Президент да, премьер да, спикер да болбойт, бирок КСДП партиясынын башына туруп алып баарын башкарат. Ливиянын лидери Муаммар Каддафиге «Кет» дешкенде ал «Мен өкмөттүн да, өлкөнүн да башчысы эмесмин, кайдан кетейин?» деген. Бирок Ливия анын көзүнүн кареги менен тегеренерин баары билчү. Балким биз ошондой «калк атасын» көрүп калышыбыз мүмкүн.

## Конституциянын талашка түшкөнү – сонун көрсөткүч

Кыргыз элинин аң-сезими бир топ өстү. Ал бийликсиз эле өзүн эптеп кетүүдө. Бирок бийлик өз озуйпасын толук аткаруудан алыс. Конституциянын долбоору кызуу талкууга алынуусу биздин саясий маданиятыбыз бар экенинин белгиси. Ачуу чындык, каршы пикир жана түрдүү аргументтердин айтылуусу эң сонун көрсөткүч. Парламенттик башкарууга бир заматта келип калуу мүмкүн эмес. Өнүккөн демократиялар кан менен тер төгүп, жүздөгөн жылдарга созулган күрөштөрдүн натыйжасында ушундай деңгээлге жеткен. Негизгиси, биз туура жолдобуз. Баш мыйзам канчалык начар болсо да, аны 2020-жылга чейин өзгөртпөө – берилген жана жазылган сөз аткарылат деген салтты калыптап кеткенге жол ачмак. Муну менен баарыбыздын укук маданиятыбыз алдыга карай чоң кадам жасап, эл аралык аброюбуз да артмак.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Там сатылат...

Бөксө тоонун этегиндеги каналды жээктей курулган эски тамдардын эң акыркы катарын улай, эки жагы тосулбай бирде мал кирип, бирде жөө баскан кишилер тебелей берип, куурайдан башка көзгө илинер эч нерсеси калбай короосу да бозоруп, көптөн бери акталбай кара шыбак катмары жаанга жуула берип, кээ бир жеринде анысы да акырын жылмышып төө кирпичтери көрүнө баштаган эски үйдө турушар эле. Үй үч бөлмөлүү, бирок эң чоң бөлмөсү каражаттын жетишсиздигинен эмигиче полу жок, терезелери жука бир канча ары-бери жактан чогултулган фанеранын кесиндилери менен жабылып, ичине майда-чүйдө оокаттар, ун салынган челек, атасынын балка-салка сыяктуу буюм-тайымдары, иштен чыккан эски отургуч, кышында тигил бөлмөлөргө алып кирип үй жылыта турчу чакан кара меш сыяктуу нерселер турат. Ал бөлмөнүн, жада калса, эшигинин ички бети да сырдалбай калган эле.

Бир топко чейин эшиктин алдында отундан сындырып алып тапанча, мылтыкка окшоштуруп аткылашып ойношуп, акыры тажаганда эмне кыларын билбей, апасы үйдү бекитип кеткендиктен курсактары ачып турган эки бала каналды көздөй алаксыш үчүн баса беришти. Буттары жылаңайлак, такыр жердин боз топурагы сапырылып, баскан сайын жылуу табы тамандарын жылытып магдыратат. Бөбөгү эки жаа бою келген талды минип алып, алыстарга аттанган жоокер сымал, өзүнөн үч жаш улуу байкесин айлана ары-бери удургуй "чу-чулап", бирде байкесин карап, кайра каналдын ары жагындагы бөксө тоону ашып, өзү да, байкеси да көрө элек телевизордон анда-санда жалт-жулт эте калган бийик-бийик асман тиреген үйлөрү бар, бары-жогу кенен өлкөлөргө кетип калгысы келип көздөрү ошол алыс тарапты тиктеп калгансыйт.

Каналдан суу кыйратып деле акпайт. Болгону бир кулак суу. Ошентсе да айыл тургундары короосундагы өсүмдүктөрдү ушул суу менен эптепсептеп сугарып алышат да, ошого каниет кылышат. Каналдын ичи менен өзүнчө нук салып алып, ийрелеңдеп ылдыйды көздөй узап кеткен бир кулак суунун жээгине барып, түбүнө уюп калган кумду чулгуп чыгып, жомоктордо уккан, мултфильмдерден көрүп калган өзүлөрүнүн баёо кыялында элестетип, колу жетпеген бийик-бийик көк тиреген мунараларды сала башташты. Алакандарына толтура чукуп чыгып, акырын салааларынан ылдый суу аралаш кумду агызып, улам бийиктетип, бирөө бүткөндө экинчисине, андан үчүнчүсүнө өтүп отурушуп, түш оош кеткенин билбей калышты.

Апасы түшкө жакын келмек эле. Базарда соода кылышчу. Соодагер дегендин өзү эле кулакка жакшы угулганы менен, кыйратып деле жыргап кетишкен жок. Тескерисинче, карызга батып, күн өткөн сайын доолап келгендер да көбөйүп бараткансыйт. А тиги экөөнө ал кишилер ташбоор, "ай койду" билбеген, жүрөктүн суусун алган түрү суук мокочолордой эле көрүнөт. Сатканы май, чай, шекер жана ушуга окшогон майда-барат эле нерселер. Анын үстүнө кээси айылга жакында эле келе баштады. Эл ушул күнүмдүк оокаттар жок жашап калган болчу. Кээде нан табылбай, наны табылса, майы табылбай, карандай чай менен отуруп, шекерди деле унута башташкан эле. 95-жылдар. А балдардын бала кыялында ал кайсы жыл, эмне жыл көп деле мааниге ээ эмес болсо керек.

Апасы атасы менен таң эрте товарларын жеткизишип, базарда аркы-беркисин ирээттешип коюп, өзү келгенче үйдү үч көтөрүп ийбесин деп, эшикте ойноп турсун үчүн үйдү бекитип кетет.

Экөөнүн каналда ойноп жаткан жеринен чакырып алып, боз ала чаңга оонагансып, кайра барып алып баткакка түшкөнсүп кебетелери ого бетер кетип, кийимдери соо жери калбай кир болгонун көрүп бир-сыйра тилдеп, чымчып алды. Улуусу мындайда канчалык ыйлагысы келип турса да, көгөрүп чыдап ыйлабай туруп берчү. Бөбөгүнүн көздөрүнөн жаш мончоктой тып-тып этип, чаң болгон беттеринен ылдый из түшүп, байкесинин артына туруп алып ыйлай берди.

Кечинде атасы чарчап араң келет. Экөөнүн тең ага эркелеп, ойногусу келет. Бирок кайдан? Ансыз деле араң турган кишини аялы бир жактан, карызын доолап келгендер бир жактан тооруп отуруп балдары менен ойногонго да, жада калса, алардын көңүлүн алып койгонго да жаратпай салышат. Апасы болсо жинденип алган соң ачуусун булардан алат. Болор-болбос нерселер үчүн экөөнү айда сабап, эс алып отуруп калат.

Жай мезгили ортолоп калган эле. Бөбөгү ооруп калды. Эмнеден ооруганын байкеси деле биле бербейт. Балким суук тийип калгандыр, а балким нан менен карандай чайдан башкага жетпей жүрүп алсыз болуп, ооруга туруштук бере албай калгандыр. Шалактап тердеп, эти ысып төшөктө эле жатып калды. Ал кезде дары деген нерсе да келбей калган. Эптеп эл ичинде айтылып жүргөн чөп дарылардан таап келип, ичиримиш болушат. Эртең менен ата-энеси базарга кеткенде бөбөгүн карап отурат. Оюн дегенди да унутту. Ушундайда ойномок беле? Үч күн жатты. Акыры үзүлүп кете берди.

Эмне кыларын билбеди. Ыйлай албай койду. Бөксө тоонун үстүндө мүрзөлөр бар эле. Эл түшкө жакын эми мектепке барат деп жаткан баланын сөөгүн көтөрүп алып айылдын четиндеги бөксө тоодогу мүрзөлөргө карай бет алды. Байкеси жерди карап башын көтөрбөй, топурагы сапырылган жолдо элден калбай ээрчип кетип бара жатты. Бөбөгүнүн сөөгү ошол мүрзөлөрдүн этегине жашырылды.

Атасы да, апасы да сүйлөбөй, үңкүйүшөт. Үйдө болсо карандай чайдан башка эч нерсе жок. Карызын доолап келгендер болсо, кокодон. Ата-энеси мурункудай урушпай да калышты. Сөз жок, үн жок. Бала кыйналды. Мурункудай урушуп турушса да мейли эле. Атасына эркелегиси келет, апасына эркелегиси келет, атасы аталык мээримин, апасы энелик мээримин аябаса дейт.

Бир ай өттү. Дагы эле үн-сөз жок. Экөө үйдө жокто ыйлап алды. Бөбөгүн жоктоп ыйлады, ата-энесине ыза болуп ыйлады. Каралбай калганына ыйлады. Эски болуп, араң эле турган тамды көрүп алып ыйлады. Сыртка чыгып, ары жактан тамдын пайдубалын майлаган кара майды чакасы менен алып келди да, тамдын бооруна чоң тамгалар менен килейте "ТАМ САТЫЛАТ" деп жазып салды.

Эртерээк кетип калгысы келди. Бир кездерде бөбөгү менен чогуу каналдын жээгинде ойноп жүрүп салган мунарасы бийик шаарларга көчүп кеткиси келди. А балким бөбөгү ошол кыялдагы шаарда жүргөндүр азыр... ким билет?

АЗАТ ЖАПАРБЕК




MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77

Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ 40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА



Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Ушуга келгенде топтун ичинен бирөө:

— Муну жаңылыш көрсөтүп салды,— деди акырын шыбырап.

— Ошондой болду,— деди анын жанында турган. Жолоочу жазыксыз таяк жеп, ар кайда чачылып калган тебетейин, топусун, шапалагын жыйнап алып, көгала болгон бети-башын сыйпалап көптөн кийин туруп келди. Балакеттин эсине кайдан түшө калганын билбейм, старчын бир кезде:

— Бар, Бейшембини алып кел! — деди бирөөнү жумалдынан чыгып. Ошенткенде мен старчынды көздөй жөнөп озунуп, алдынан чыгып:

— Бейшекем үйдө жок, ал Каркырага үй жүктөп кеткен,— дедим.

— Келе элекпи? — деди чакыйып тура калып.

— Жок.

— Сени кысталак, шашпа! — деп кайра басып кетип, бирөө менен сүйлөшүп калды. Бейшембинин бүгүн үйдө жогуна мен кубанып калдым. Топ күүгүм кирип, көз байланган кезде тарады. Биздин үйдү көчүрүп кеткенден кийин, убактылуу бир жаман алачык жасап алганбыз. Ошонун түбүндө, кемегенин жанында кечки тамакты (жарманы айтам да) ичкени отурганбыз. Аңгыча Бурмакем:

— Буга ченеп эле бер, Карпыктыкына барып эт жеп келсин, старчын жасоолдор бүгүн ошондо конуп жатат,— деп калды.

Ошентип менин шыбагам бүгүн үйдөгүлөрдүн пайдасына калды. Карпыктыкына барсам бир койду жаңы союп, терисин сыйрып жатыптыр. Кызыл чоктордун кылычтары керегеде шагырап илинип турат. Мынабу төрдө чыяраган бирөө бешмантчан болуп, жайдактанып алган. Көйнөгүнүн жеңин чыканагына чейин түрүп таштап, аягындагы намыркен өтүгүн жылтыратып, бутун сунуп салып жамбаштап жатат. Берегинде, керегенин түбүнө жапшырыла, оң ийниндеги пагону отко чагылышып жаркырап, буттарын чачып таштап, көмөрөсүнөн түшүп чочкодой корулдап уктап жаткан — Бала Курман. Айтор бүгүнкү мында конуп жаткандар жалаң эле старчын, жасоол сыяктуу өңкөй чээнден чыккан бейбаштар. Карпыктын мисирейген май жукпас, жылаан көз келини менин келишимди гана күтүп тургандай, үйгө жаңы кире бергенде:

— Ме, суу алып келе койчу! — деп жанындагы чаканы лып алып, мага кармата койду.

Ушул келин качан да мен бардым болду, көчүгүмдү жер жыттатпай, жумшайт да отурат. Ошондон жалкып кээде кой союп жатса да барчу эмесмин. Сууну алып келип коюп, отурайын деп жатсам:

— Эшиктен отун терип келчи,— деди дагы. Сабы шылкылдак мокок чот керкини тыштан издеп жүрүп таап алдым да, караңгыда токулдатып, бир колтук отун кертип алып, кайра кирдим.

—Эми тигинин бутун кармап бер,—деди ирегеде союп жаткан койду көрсөтүп. Билегин түрүп таштап, талтайып кой союп жаткан жигит бир жагынан этти бузуп, казанга салып жатат.

— Мындай тарт,— деп койдун бутун союп, мага көрсөтүп коёт. Кармап турам. Карындын учунан чымчып кармап туруп, бир жеринен чырт кесип алды да төгүп кел деп мага берди. Үйдүн арт жагында обочо жерде бир дүкүйгөн шыраалжынга алып барып төктүм. Үйдүн жанында бир-эки ит чылапчындагы канды талашып, ыркырап, кабышып жатат. Бири мени көрө коюп, кулагын элеңдетип жүгүрүп келди. Кайра келээрим менен чубалган мөөндү жана карматты. Мен чыгып баратсам, төр жакта отурган мастан кемпир:

— Ошол жактан биротоло сууга жууй кел,— дээри менен, келини да:

— Эмесе тигини да ала бар,— деп бая мен төгүп келген карынды көрсөттү. Эби жок кармап алсам керек, жаңкы жерге барып, эми төгөйүн деп жатсам, мөөндүн бир учу жылмышып кетип, жыйнайлак балтырыма былжыраган бирдеме жая берди. Жанымда бир ит бирдеме үмүт этип, жагынып, шыйпаңдап турат. Тапшырган милдеттерин түгөл орундап кайра келсем, менин шыбагама бир бөйрөк, бир шыйрак калтырып коюптур. Аларды жүгүрүп, үйгө жеткирип таштап кайра келдим. Казан борт-борт кайнап эт бышып жаткан. Коноктор өз ара бирдемелерди кожурашып отурат. Бирде ат чабышты кеп кылып Сарыбай байдын кызыл аргымагын мактап кетишти. Ушул мезгилде «бирдемесин бүлдүрүп аламбы» деген кишиче мышыктай табышын билдирбей чебердеп басып баягы жолоочу кирип келди, мунун келгенин эч ким байкоос алган да жок.

***(уландысы бар)***

## САРЕСЕП

коомдук-аналитикалык гезити

### Жазылуу баракчасы

Жазылууу жүргүзгөн киши ____________

Телефону ____________

**Абонент туралуу маалымат**

**Аты-жөнү:** ____________

**Дареги:** ____________

**Болжолдуу жайлар:** ____________

**Телефону:** ____________

**Кесиби:** ____________

**Төлөмү:** ____________

**Колу:** ____________

**Күнү:** ____________

**Эскертүү: Урматтуу абонент, эгер гезит баруучу дарегиңиз өзгөрө турган болсо редакцияга алдын ала кабарлап коюуңузду өтүнөбүз.**

**Редакциянын дареги:**
Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 387 (Карпинка көчөсү менен кесилишет). 1-кабат 0(312) 68 07 34,
**Э-почтасы:** saresepkg13@gmail.com
**Интернет баракчасы:** www.saresep.kg
**Фейсбук:** https://www.facebook.com/saresep.geziti.3

